КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ
ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК
КОМИССИЯСЫ

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

---

# ЗАКОН КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# О ВЫБОРАХ ДЕПУТАТОВ МЕСТНЫХ КЕНЕШЕЙ

**Бишкек - 2024**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА
РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

## КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

БИШКЕК - 2024

# Мазмуну

**1-глава.** Жалпы жоболор........................................................3

**2-глава.** Шайлоо эркиндигинин кепилдиктери..................................90

**3-глава.** Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө жалпы жоболор ....................................................99

**4-глава.** Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо .................106

**5-глава.** Айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо ................ 114

**6-глава.** Корутунду жоболор ........................................................... 119

## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫ

*Бишкек шаары, 2011-жылдын 14-июлу № 98*
*(КР 2011-жылдын 12-октябрындагы № 170, 2012-жылдын 6-июлундагы № 99, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2012-жылдын 12-октябрындагы № 172, 2013-жылдын 14-февралындагы № 16, 2013-жылдын 30-июлундагы № 170, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2015-жылдын 17-февралындагы № 34, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2), 2019-жылдын 17-майындагы № 64, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 1-глава
## Жалпы жоболор

**1-берене. Ушул Мыйзам менен жөнгө салынуучу мамилелер**

Ушул Мыйзам Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын жана алардын кепилдиктерин аныктайт, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоо жана өткөрүү менен байланышкан мамилелерди жөнгө салат.

**1-1-берене. Жарандардын шайлоого катышуу принциптери**

1. Кыргыз Республикасында жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо бирдей жана тикелей шайлоо укугунун негизинде жашыруун добуш берүү менен жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасында шайлоо республиканын жарандарынын өз шайлоо укуктарын эркин жана ыктыярдуу жүзөгө ашырышына негизденет. Жарандарды шайлоого катышууга же катышпоого мажбурлоо максатында аларга, ошондой эле алардын өз эркин билдирүүгө таасир этүүгө эч кимдин укугу жок.

2. Ушул беренеде көрсөтүлгөн принциптерди бузуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке алып келет.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**2-берене. Ушул Мыйзамда колдонулуучу түшүнүктөр**

Ушул Мыйзамда төмөнкүдөй түшүнүктөр жана терминдер колдонулат:

**үгүт материалдары** - шайлоо алдындагы үгүт белгилерин камтыган жана шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө жапырт таратуу, элге жарыялоо үчүн арналган басылма, укма-көрмө жана башка материалдар;

**жарандардын активдүү шайлоо укугу** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо укугу;

**жакын туугандары** - ата-энеси, балдары, асырап алуучулар, асырандылар, ата-энеси бир жана ата-энесинин бирөө өгөй ага-инилер менен эже-сиңдилер, чоң ата-таяталар, чоң энелер-таенелер, неберелер;

**жарандардын шайлоо укуктарынын кепилдиктери** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын камсыз кылуунун уюштуруучулук, укуктук, маалыматтык жана башка каражаттары;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысы** - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын жетекчиси, мыйзамдар менен белгиленген тартипте дайындалуучу кызмат адамы;

*(абзац КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**мамлекеттик портал** - мыйзамдарда белгиленген тартипте түзүлгөн жана актуалдаштырылган шайлоо участокторy, райондор, шаарлар боюнча жана жалпы эле республика боюнча шайлоочулардын электрондук форматтагы тизмелери жөнүндө, шайлоо дарегинин (шайлоо участогунун номери) өзгөрүлгөндүгү жөнүндө, жарандардын шайлоого катышкандыгы жөнүндө маалыматтарды камтыган, ошондой эле мыйзамдарда белгиленген идентификациялоо жана аутентификациялоо боюнча талаптарды сактоо менен өздөрүнүн маалыматтарын тактоо жана өзгөртүү үчүн шайлоочуларга мүмкүндүк берүүчү мамлекеттик органдын интернет-сайты;

**шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документ** - Кыргыз Республикасынын жаранынын мыйзамдарда белгиленген улуттук паспортторунун бардык түрлөрү, анын ичинде Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасынын мобилдик тиркемеси аркылуу санариптик форматта жеткиликтүүлүк берилген улуттук паспорт;

**мамлекеттик бийликтин же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызмат адамы** - туруктуу, убактылуу же атайын ыйгарым укуктар боюнча бийлик өкүлүнүн иш-милдетин жүзөгө ашыруучу же болбосо мамлекеттик органдарда жана өз алдынча башкаруу органдарында уюштуруучулук-тескөөчүлүк, администрациялык-чарбалык, контролдук-көзөмөлдүк иш-милдеттерди аткаруучу адам;

**бирдиктүү шайлоо округу** - администрациялык-аймактык бирдиктин бүткүл аймагы кирген шайлоо округу, анда ушул Мыйзамга ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоону пропорциялык система боюнча жүргүзүүгө жол берилет;

**шайлоочу** - активдүү шайлоо укугуна ээ болгон жана тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин шайлоочуларынын тизмесине киргизилген жергиликтүү жамааттын мүчөсү;

**ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулар** - жалпы угуусунун, көрүүсүнүн, таяныч-кыймыл аппаратынын функцияларынын бузулушунан ачык көрүнгөн турмуш-тиричилигин чектөөгө алып келген оорулар, жаракаттардын же кемтиктердин кесепети менен шартталган, организмдин функцияларында туруктуу бузулушу бар ден соолугу бузулган, жалпы шартта активдүү шайлоо укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандары;

**шайлоо документтери** - шайлоочулардын тизмелери, анык, анык эмес, пайдаланылбаган (керектен чыгарылган), бузулган (каталар менен толтурулган) бюллетендер, ошондой эле идентификациядан өтүү жөнүндө чектер, идентификация боюнча алгачкы жана жыйынтык отчеттор, шайлоо комиссияларынын протоколдору, алардын шайлоо маселелери боюнча чечимдери, талапкерлерди, саясий партияларды каттоо документтери, участкалардын схемалары жана добуш берүүнүн натыйжалары жөнүндө жыйынды таблицалар;

**шайлоо комиссиялары** - Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү уюштуруучу, Кыргыз Республикасынын жарандарынын шайлоо укуктарын ишке ашырууну жана коргоону камсыз кылуучу коллегиялуу органдар;

**шайлоо мыйзамдары** - Кыргыз Республикасында шайлоону өткөрүүнүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылардын жыйындысы;

**жарандардын шайлоо укуктары** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, анын ичинде талапкерлерди көрсөтүүгө, шайлоо алдындагы үгүттөөгө катышуу, шайлоонун өткөрүлүшүн, шайлоо

комиссияларынын ишин, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнү жана шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле башка шайлоо аракеттерин аныктоону кошуп алганда байкоого катышуу укугу;

**шайлоону маалыматтык камсыз кылуу** - жарандардын өз эрк-ниетин аң-сезимдүү билдиришине, шайлоолордун маалымдуулугуна көмөктөшүүчү шайлоочуларга маалымдоо жана шайлоо алдындагы үгүт иштери;

**шайлоочуларды маалымдоо** - шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын, шайлоо участокторунун иши, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби, добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн жана шайлоонун натыйжаларын аныктоонун тартиби жөнүндө маалыматтарды даярдоо жана жайылтуу боюнча иш; тигил же бул талапкер, саясий партиялар үчүн же аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган жана кандайдыр бир талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (саясий партияларга) артыкчылык түзбөгөн шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (саясий партиялар) жана алардын программалары жөнүндө расмий маалымат;

**маалыматтык материал** - шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшү жана шайлоо комиссияларынын, шайлоо участкаларынын иши, шайлоочулардын тизмесин түзүүнүн жана өзгөртүүнүн тартиби, добуш берүүгө катышуунун тартиби, добуш берүүнүн тартиби, добуш берүүнүн жыйынтыгынын белгилөөнүн жана шайлоонун натыйжаларын аныктоонун тартиби жөнүндө маалыматтар камтылган басылма, укма-көрмө жана башка материалдар; тигил же бул талапкер, саясий партиялар үчүн же аларга каршы шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган жана кандайдыр бир талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга (саясий партияларга) артыкчылык түзбөгөн талапкер (талапкерлер) жана саясий партия (саясий партиялар) жана алардын программалары жөнүндө шайлоо комиссияларынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын расмий маалыматы;

**жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы (мэрия, айыл өкмөтү)** - тиешелүү аймакта жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктардын аткарылышын камсыздоочу, ыйгарым укуктары жана ишин уюштуруу мыйзам менен аныкталуучу жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы;

**талапкер** - ушул Мыйзам менен белгиленген тартипте жергиликтүү кеңештин депутатынын кызматын шайлоо аркылуу ээлөөгө талапкер катары көрсөтүлгөн адам;

**эл аралык байкоочу** - мыйзамда белгиленген тартипке ылайык Кыргыз Республикасында шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашыруу укугуна ээ болгон чет өлкөлүк же эл аралык уюмдун атынан өкүл болгон адам;

**жергиликтүү кеңеш** - тиешелүү шаардын (шаардык кеңеш), айылдык аймактын (айылдык кеңеш) жергиликтүү жамааты тарабынан түздөн-түз шайлануучу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы;

**катталган талапкер** - шайлоо аркылуу жергиликтүү кеңештин депутатынын кызмат ордун ээлөө үчүн талапкер катары тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган, Конституцияда жана ушул Мыйзамда белгиленген талаптарга ылайык келген адам;

**жергиликтүү жамаат** - жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүгө жалпы кызыкчылыктары менен бириккен тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин (айылдык аймактын, шаардын) аймагында туруктуу жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары;

**көп мандаттуу шайлоо округу** - бир нече депутат шайланган жана алардын ар бири үчүн шайлоочулар жеке добуш берген шайлоо округу;

**байкоочу** - талапкер, саясий партия жана башка коммерциялык эмес уюмдар тарабынан мыйзамдарда каралган тартипте шайлоону даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүүгө дайындалган адам;

**коомдук байкоочу** - мыйзамда каралган тартипте шайлоону даярдоого, добуш берүүнү өткөрүүгө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыгын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого байкоо жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын коммерциялык эмес уюму тарабынан (мындан ары - коммерциялык эмес уюм) дайындалган адам;

**жарандардын пассивдүү шайлоо укугу** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын мамлекеттик бийлик органдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлануу укугу;

**укук коргоо органдары** - тышкы иштер, улуттук коопсуздук, прокуратура органдары, бажы кызматынын органдары;

**туруктуу жашаган жери** - инсандыкты ырастаган документте каттоо эсебин алуучу органдардын каттоо белгиси менен ырасталган Кыргыз Республикасынын аймагындагы жарандын жашаган жери;

**шайлоо алдындагы үгүт** - Кыргыз Республикасынын жарандарынын, талапкерлердин, талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн жана ишенимдүү адамдарынын, саясий партиялардын тигил же бул талапкерлер (талапкерлердин тизмелери) үчүн же болбосо аларга каршы добуш берүүгө шайлоочуларды түртүү же түрткү берүү максаты бар шайлоо өнөктүгүнүн менчигиндеги маалымат даярдоо жана таратуу боюнча иши;

**талапкердин, саясий партиянын өкүлү** - талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын атынан чыгуучу шайлоо комиссияларындагы өкүл, ыйгарым укуктуу өкүл, ишенимдүү адам;

**диний ишмер** - Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө мыйзамдарга ылайык диний ишти жүргүзгөн адам;

**дин кызматкери** - тиешелүү диний уюм (бирикме) тарабынан диний, имамдык, пасторлук, үгүттөөчүлүк кызматын кылууга ыйгарым укук берилген адам;

**шайлоочулардын тизмеси** - даярдык деңгээлине жана арналышына жараша алдын алуучу, контролдук жана акыркы тизме болуп бөлүнүүчү электрондук жана кагаз түрүндө жасалуучу, Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринин негизинде түзүлүүчү, добуш берүү күнүнө карата активдүү добуш берүү укугуна ээ Кыргыз Республикасынын жарандарынын тизмеси;

*(абзац КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**шайлоочулардын алдын ала тизмеси** - мамлекеттик порталда жарыяланган, жарандар өздөрүнүн маалыматтарын тактоосу үчүн участкалык шайлоо комиссияларында илинүүчү добуш берүү күнүнө чейин 55 календардык күн калгандагы абал боюнча шайлоочулардын тизмеси;

**шайлоочулардын контролдук тизмеси** - добуш берүү күнүнө чейин 35 календардык күн калганда шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилинде келип түшкөн шайлоочулардын арыздарынын негизинде киргизилген өзгөртүүлөр жана шайлоочулар жөнүндө актуалдашкан маалыматты камтыган жана мамлекеттик порталда жарыялануучу, добуш берүү күнүнө 30 календардык күн калганда шайлоо участкаларында илинүүчү шайлоочулардын тизмеси;

**шайлоочулардын акыркы тизмеси** - шайлоочулардын тизмесин тактоо мезгилинде шайлоочулардын арыздарынын негизинде

бардык өзгөртүүлөр киргизилген, добуш берүү күнүнө 3 календардык күн калганда мамлекеттик порталда жарыяланууучу жана шайлоо участкаларында илинүүчү шайлоочулардын такталган тизмеси;

**талапкердин соттуулугу жөнүндө маалыматтар** - соттуулугу жоктугу же кайсыл бир убакта болгон соттуулугу жөнүндө жана талапкерди соттоого негиз болгон Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин беренесинин (беренелеринин) номерин (номерлерин) жана аталышын (аталыштарын) көрсөтүү менен болгон соттуулугу, эгерде талапкер көрсөтүлгөн мыйзам актыларына ылайык Кыргыз Республикасынын колдонуудагы жазык мыйзамдарында кылмыш деп таанылган жосун үчүн соттолсо, чет мамлекеттин мыйзамынын беренесинин (беренелеринин) негизинде соттуулугу жөнүндө маалыматтар;

**талапкерлердин тизмеси** - пропорциялуу система боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн, шайлоо комиссиясы тарабынан катталган талапкерлердин бирдиктүү тизмеси;

*(абзац КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**жергиликтүү жамааттын мүчөсү** - тиешелүү айыл аймагынын, шаардын аймагында туруктуу жашаган жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү жамаат менен жалпы кызыкчылыктары байланышкан Кыргыз Республикасынын жараны. Шайлоочунун жергиликтүү жамааттагы мүчөлүгү жашаган жерин каттоо жөнүндө жарандын паспортундагы, паспорттун чибинде жазылган белги менен, же болбосо добуш берүү күнүнө чейинки 60 күндөн кем эмес мөөнөттө жүргүзүлгөн жашаган жеринин дарегин Кыргыз Республикасынын жарандарынын улуттук паспортторунун мамлекеттик реестринде (УПМР) каттоо менен аныкталат;

**оператор** - участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү же болбосо шайлоону жана референдумду өткөрүүдө жарандарды идентификациялоо боюнча техникалык кызмат көрсөтүүнү камсыз кылуучу же добуш берүү күнүндө шайлоо участогунда автоматтык эсептөөчү урналарды, шайлоочуларды идентификациялоо жабдууларын тейлөөчү Борбордук шайлоо комиссиясы ишке тарткан адам;

**идентификациялоо боюнча жабдуу** - шайлоочуну анын биометрикалык жана жеке маалыматтары боюнча идентификациялоо аркылуу шайлоочуларды идентификациялоо үчүн арналган түзүлүш;

**термопринтер** - басма формасын түзбөстөн электрондук түрдөн тексти же графиканы чакан нуска менен физикалык алып

жүрүүчүлөргө которуу үчүн арналган компьютердин периферийлык жабдуусу;

**добуш берүү үчүн ящиктер** - автоматтык түрдө эсептөөчү урналар же туруктуу ящиктер, ошондой эле көчмө ящиктер;

**автоматтык эсептөөчү урна** - шайлоочулардын добуштарын автоматтык түрдө эсептөө үчүн багытталган, оптикалык сканерден, жараксыз шайлоо бюллетендери үчүн атайын бөлүгү бар шайлоо бюллетендери үчүн топтогучтан жана топтогучтун капкагынан турган түзүлүш;

**туруктуу орнотулган ящик** - добуш берүү үчүн тунук урна;

**добуш берүү үчүн көчмө ящик** - шайлоочунун добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүсү үчүн арналган ящик;

**бузулуу** - автоматтык эсептөөчү урнанын, шайлоочуну идентификациялоо жабдуусунун ишке жөндөмдүүлүгүн убактылуу жоготуусу;

**ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган** - Кыргыз Республикасынын калкын каттоо чөйрөсүндөгү мамлекеттик орган;

**чек** - электрондук түрдөн кайра түзүлгөн физикалык алып жүрүүчү, анда басылма формасын түзбөстөн шайлоочунун идентификациялык маалыматтары жөнүндө аз нускалуу маалыматтар чагылдырылат.

**аралыктан добуш берүү** - электрондук жана (же) кагаз түрүндөгү шайлоо бюллетенин пайдалануу жана добуш берүү маалыматтарынын электрондук системадагы автоматтык жыйындысы менен (аралыктан) шайлоо участкасында добуш берүү;

**электрондук добуш берүү** - электрондук шайлоо бюллетенин пайдалануу жана добуш берүү маалыматтарынын электрондук системадагы автоматтык жыйындысы менен шайлоо участкасынан тышкары добуш берүү;

**электрондук шайлоо бюллетени** - программалык-техникалык каражаттардын жардамы менен электрондук түрдө даярдалган, аралыктан, электрондук түрдө добуш берүүнү өткөрүүдө колдонулуучу бюллетень;

**шайлоо округу көп мандаттуу (көп мандаттуу шайлоо округу)** - айылдык кеңештин бир нече депутаты шайлануучу шайлоо округу;

**шайлоо округу бирдиктүү (бирдиктүү шайлоо округу)** - администрациялык-аймактык бирдиктин - шаардын бүткүл аймагын камтыган шайлоо округу, анда ушул Мыйзамга ылайык шаардык кеңештин депутаттарын пропорциялык система боюнча шайлоо жүргүзүлөт.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8,*

*2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**3-берене. Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн шайлоо укуктары**

1. Шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрү болуп саналган, 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо укугуна ээ.

2. Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү тиешелүү жергиликтүү кеңештердин депутаттарын түздөн-түз шайлайт.

3. Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрү жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого тең негизде катышат.

4. 21 жаш куракка толгон, жалпы орто билимден төмөн эмес билими бар, тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайланууга укуктуу.

5. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар шайлоого укуксуз.

6. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар, ошондой эле соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган адамдар шайланууга укуксуз.

7. Шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жайгаштырылган аскер бөлүктөрүнүн мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, өзүнүн туруктуу жашаган жеринен тышкары альтернативдүү кызмат өтөгөн адамдар, ошондой эле тиешелүү жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналбаган, окутуунун күндүзгү формасынын студенттери жана аспиранттар иш жүзүндө жайгашкан жери (кызматы, окуусу) боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышпайт.

8. Кылмыш жасоодо шектүүлөр жана айыпталуучулар катары камакта кармоо жайларында кармалып турган Кыргыз Республикасынын жарандары, алар шайлоо өтүп жаткан тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган жана алардын камакта кармоо жайлары ушул администрациялык-аймактык бирдиктин аймагында жайгашкан шартта, камакта кармоо жайларында добуш берүүгө укуктуу.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**4-берене. Шайлоонун милдеттүүлүгү жана мезгилдүүлүгү**

1. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын мөөнөтү жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө мыйзамдар менен белгиленет.

2. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо милдеттүү болуп саналат жана ушул Мыйзам жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыйзамдары менен белгиленген мөөнөттөрдө жана тартипте мезгилдүү өткөрүлөт.

3. Төмөндөгүдөй учурларда жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону өткөрүүгө тыюу салынат:

1) Кыргыз Республикасынын бардык аймагында өзгөчө же согуштук абал киргизилгенде;

2) Кыргыз Республикасынын аймагынын өзүнчө бөлүгүндө - ошол аймакка өзгөчө же согуштук абал киргизилгенде.

4. *(КР 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

5. *(КР 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

*(КР 2017-жылдын 1-декабрындагы № 197 (2), 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**5-берене. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону уюштуруу**

1. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү төмөндөгүлөр жүзөгө ашырат:

1) Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары - Борбордук шайлоо комиссиясы);

2) аймактык шайлоо комиссиялары: шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча Бишкек, Ош жана башка шаардык, райондук шайлоо комиссиялары - Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча (мындан ары - аймактык шайлоо комиссиялары);

3) шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча участкалык шайлоо комиссиялары (мындан ары - участкалык шайлоо комиссиялары).

2. Шайлоо комиссияларынын укуктук абалы, ишинин уюштурулушу жана тартиби, ошондой эле көз карандысыздыгынын кепилдиктери шайлоо комиссияларынын ишинин тартибин жөнгө

салуучу мыйзамдар, ушул Мыйзам жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары менен белгиленет.

**6-берене. Шайлоо процессиндеги айкындык**

1. Шайлоо комиссияларынын иши айкын жана ачык жүзөгө ашырылат.

2. Тиешелүү шайлоо комиссиясынын жыйналыштарына төмөнкүлөр катышууга укуктуу:

1) жогору турган шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү;

2) талапкерлер;

3) талапкерлердин өкүлдөрү;

4) *(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

5) талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын өкүлдөрү;

6) байкоочулар, коомдук байкоочулар, эл аралык байкоочулар;

7) жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү.

3. Төмөн турган шайлоо комиссияларынан жогору турган шайлоо комиссияларына протоколдордун маалыматтарын өткөрүп берүү аркылуу добуш берүүнүн жүрүшүнө жана натыйжаларына байкоо жүргүзүү үчүн маалыматтык шайлоо системасы пайдаланылат. Маалыматтык шайлоо системасы аркылуу добуш берүүнүн жүрүшү жана натыйжалары жөнүндө алынган маалыматтар юридикалык мааниге ээ болбогон алдын алма маалымат болуп саналат. Маалыматтык шайлоо системасын пайдалануунун тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**7-берене. Байкоочу**

1. Талапкер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия мыйзамдар менен белгиленген тартипте шайлоону даярдоого, добуш берүүнү жүргүзүүгө, добуштарды эсептөөгө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөгө жана шайлоонун натыйжаларын аныктоого катышуучу байкоочу дайындоого укуктуу.

2. Байкоочу аны дайындаган уюмдан жолдомо тиешелүү шайлоо комиссиясына келип түшкөндөн кийин ушул Мыйзам менен каралган байкоочунун укуктарына жана милдеттерине ээ болот. Жолдомодо байкоочунун фамилиясы, аты-жөнү, жашаган жери, ал жөнөтүлгөн шайлоо участкаларынын номерлери, шайлоо комиссияларынын аталыштары көрсөтүлөт, ошондой эле ушул берененин 3-бөлүгү менен каралган чектөөлөр анда жок экендиги жөнүндө жазуу

жүргүзүлөт. Жолдомо талапкердин колу же саясий партиянын мөөрү болгондо жана паспортун же аны алмаштырган документти көрсөткөндө анык деп эсептелет. Байкоочуну жиберүү жөнүндө алдын ала кабарлоо талап кылынбайт.

3. Активдүү шайлоо укугуна ээ болгон Кыргыз Республикасынын жараны байкоочу болууга укуктуу.

Жогорку Кеңештин депутаты, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү, катталган талапкердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиянын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын ишенимдүү адамдары, шайлоо комиссияларындагы алардын өкүлдөрү, судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматындагылар байкоочу болууга укуксуз.

4. Байкоочу төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) кайсы гана деңгээлдеги болбосун шайлоо комиссиясынын курамын түзүү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмелерин түзүү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшү үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;

4) шайлоону маалыматтык камсыз кылуу үчүн байкоону жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясында болгон шайлоочулардын тизмелери, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) добуш берүү күнү сутканын ар кандай убагында добуш берүү үчүн жайда болууга;

7) добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде шайлоочулар добуш бергенде катышууга;

8) шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн пикирин баяндоого, билдирүү жасоого;

9) ары-бери эркин жүрүүгө жана кайсы гана шайлоо участкалары жана шайлоо комиссиялары болбосун катышууга;

10) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузбастан добуш берүүнү уюштуруунун жана добуш берүүнүн ушул Мыйзам менен белгиленген тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендерин берүүгө; шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын,

шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөнү байкоого; шайлоо бюллетендеринин мазмунун көрүүнү камсыз кылган аралыкта жана шарттарда шайлоочулардын добуштарын эсептөөнү байкоого; шайлоочулардын добуштарын эсептөөдө ар кандай толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетени менен таанышууга; шайлоо комиссиясы тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун жана башка шайлоо документтердин түзүшүн байкоого;

11) өзү жөнөтүлгөн участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, а ал жок учурда - аны алмаштырган адамга добуш берүүнү уюштуруу маселелери боюнча сын-пикирлер жана сунуштар менен кайрылууга;

12) өзү жөнөтүлгөн шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

13) протоколдордун жана ага тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн шайлоо комиссиясынан алууга;

14) өзү жөнөтүлгөн шайлоо комиссиясынын чечимдерине жана (же) аракетине (аракетсиздигине) ушул Мыйзамда белгиленген тартипте даттанууга;

15) тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайтадан саноого катышууга;

16) шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү аны шайлоо комиссиясына жөнөткөн уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;

17) добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыгын чыгарууга жолтоо болбостон, шайлоочулардын добуш берүүсүнүн купуялуулугун бузбастай, шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото-, көрмө тартууну, үн жазууну жеке жүргүзүүгө.

5. Байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;

8) тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга.

6. Байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**8-берене. Эл аралык байкоочулар**

1. Шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыялангандан кийин эл аралык байкоочулар Кыргыз Республикасынын Президенти, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (мындан ары - Президент, Жогорку Кеңеш, Министрлер Кабинети), Кыргыз Республикасынын Борбордук шайлоо комиссиясы жиберген чакыруу болгондо Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредиттелет. Чакырууларды жөнөтүү жөнүндө сунуштарды шайлоо мыйзамдары жана шайлоо маселелери боюнча, ошондой эле адам укуктарын коргоо жаатында адистешкен эл аралык жана улуттук коммерциялык эмес уюмдар тарабынан берилиши мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын жарандары эл аралык байкоочулар катары аккредиттеле алышпайт.

2. Эл аралык байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредиттелген күндөн тартып башталат жана шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

3. Эл аралык байкоочулар эркин ары-бери жүрүүгө жана бардык шайлоо участкаларында жана шайлоо комиссияларынын жыйналыштарында болууга укуктуу.

4. Эл аралык байкоочулар төмөндөгүлөргө укуктуу:

1) шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө өз пикирин көпчүлүк алдында баяндоого;

2) пресс-конференцияларды өткөрүүгө жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кайрылууга;

3) шайлоочулардын добуштарынын жашыруундулугун бузбастан фото- жана көрмөтартууларды, үн жазууну жүзөгө ашырууга;

4) шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган, өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, өзү өкүл болгон уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;

5) кайсы гана деңгээлдеги болбосун шайлоо комиссиясынын курамын түзүү үчүн байкоо жүргүзүүгө;

6) шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жүрүшүнө байкоону жүзөгө ашырууга;

7) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоону жүзөгө ашырууга;

8) шайлоону маалыматтык камсыз кылынышына байкоо жүргүзүүгө.

5. Эл аралык байкоочулар өзүнүн статусун шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо менен байланышпаган ишти жүзөгө ашыруу үчүн пайдаланууга укугу жок.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы алар ушул Мыйзамды, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда эл аралык байкоочунун аккредитациясын чакыртып алууга укуктуу.

7. Эл аралык байкоочулардын иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

*(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**8-1-берене. Коомдук байкоочулар**

1. Коммерциялык эмес уюмдар өздөрүнүн уставдарында белгиленген тартипте шайлоого байкоо жүргүзүү жана өзүнүн коомдук байкоочуларын жиберүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

2. Коомдук байкоочунун ыйгарым укуктары ушул коомдук байкоочу кызыкчылыгын билдирген коммерциялык эмес уюмдун мөөрү менен ырасталган жазуу жүзүндөгү жолдомодо аныкталууга тийиш. Жолдомодо коомдук байкоочунун фамилиясы, аты жана атасынын аты, ал жашаган жердин дареги, шайлоо участогунун номери, байкоочу жиберилген комиссиянын аталышы көрсөтүлөт, ошондой эле ушул берененин 4-бөлүгүндө каралган чектөөлөрдүн жоктугу жөнүндө жазуу жазылат. Жолдомо коомдук байкоочу Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөткөндө жарактуу болот.

Шайлоого байкоо жүргүзүүнү ниеттенген коммерциялык эмес уюм коммерциялык эмес уюмду мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсүн тиркөө менен Борбордук шайлоо комиссиясына, аймактык шайлоо комиссиясына билдирме жөнөтөт. Борбордук шайлоо комиссиясы жана аймактык шайлоо комиссиясы шайлоолорго жарандык мониторинг жүргүзүү ниетин билдирген коммерциялык эмес уюмдардын тизмегин участкалык шайлоо комиссиясына жөнөтөт.

3. Коомдук байкоочулар ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтерди көрсөткөндөн кийин тиешелүү шайлоо

комиссиясы тарабынан катталат. Шайлоо комиссияларында коомдук байкоочуларды каттоонун шарттарын жана тартибин, аларды каттоо жөнүндө документтин формасын Борбордук шайлоо комиссиясы белгилейт.

Коммерциялык эмес уюм ар бир шайлоо комиссияларына үчтөн ашпаган коомдук байкоочуну каттата алат. Мында бир шайлоо участогунда бир эле учурда бир коммерциялык эмес уюмдан бир коомдук байкоочу гана боло алат.

4. Жогорку Кеңештин депутаттары, жергиликтүү кеңештин депутаты, Жогорку Кеңештин же жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлер, саясий, атайын мамлекеттик кызмат орундарын жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, шайлоо комиссиясынын мүчөсү, талапкердин, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын өкүлдөрү жана байкоочулары, судьялар, прокурорлор, башка укук коргоо жана фискалдык органдардын кызматкерлери, аскер кызматчылары шайлоо комиссияларында коомдук байкоочу боло албайт.

5. Коомдук байкоочунун ыйгарым укуктарынын мөөнөтү ал тиешелүү шайлоо комиссиясында катталган күндөн тартып башталат жана шайлоонун натыйжалары расмий жарыяланган күнү аяктайт.

6. Коомдук байкоочулар төмөнкүлөргө укуктуу:

1) кандай гана болбосун деңгээлдеги шайлоо комиссиясынын курамынын түзүлүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

2) шайлоочулардын тизмелерин түзүүнүн жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

3) шайлоочуларды эсепке алуунун жүрүшүнө байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

4) шайлоону маалыматтык камсыз кылууга байкоо жүргүзүүнү жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо комиссиясындагы шайлоочулардын тизмелери, добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү жөнүндө арыздардын (кайрылуулардын) реестри менен таанышууга;

6) сутканын кандай гана болбосун мезгилинде добуш берүү күнү добуш берүүчү жайда болууга;

7) добуш берүүчү жайдан тышкары шайлоочулардын добуш берүүсүнө катышууга;

8) шайлоону даярдоо жана өткөрүү жөнүндө көпчүлүк алдында, анын ичинде жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн пикирин баяндоого, билдирүү жасоого;

9) добуш берүүнүн жашырындуулугун бузбастан шайлоону уюштуруунун жана добуш берүүнүн ушул Мыйзамда белгиленген

тартибине, анын ичинде шайлоо бюллетендерин берүүгө, шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын, шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин, керектен чыгарылган шайлоо бюллетендеринин санын эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоо бюллетендеринин мазмунунун көрүнүп туруусун камсыз кылган аралыктан жана шарттарда шайлоочулардын добушун эсептөөгө байкоо жүргүзүүгө; шайлоочулардын добушун эсептөөдө кандай гана болбосун толтурулган же толтурулбаган шайлоо бюллетендери менен таанышууга; добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколдун жана башка шайлоо документтеринин шайлоо комиссиясы тарабынан түзүлүшүнө байкоо жүргүзүүгө;

10) добуш берүүнү уюштуруунун маселелери боюнча сын-пикирлер жана сунуштар менен ал жиберилген участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына, ал жок болгон учурда анын ордун алмаштырган адамга кайрылууга;

11) ал жиберилген шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

12) шайлоо комиссиясынан протоколдордун көчүрмөлөрүн жана аларга тиркелген документтерди алууга;

13) тиешелүү шайлоо комиссияларында шайлоочулардын добуштарын кайра эсептөөгө катышууга;

14) шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган өзүнүн статусу, фамилиясы, аты жана атасынын аты, байкоочуну шайлоо комиссиясына жөнөткөн уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө;

15) шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашырындуулугун бузбастан, добуш берүүнүн жүрүшүнө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарууга жолтоо болбостон шайлоо комиссиясынын төрагасы аныктаган жерден фото-, көрмө тартууну, үн жазууну жүзөгө ашырууга;

16) ал катталган шайлоо участокторунда эркин жүрүүгө жана болууга.

7. Коомдук байкоочу төмөнкүлөргө укуксуз:

1) шайлоочуларга шайлоо бюллетендерин берүүгө;

2) шайлоо бюллетендерин алууда шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн кол коюуга;

3) шайлоочунун өтүнүчү боюнча ал үчүн шайлоо бюллетенин толтурууга;

4) добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузуучу аракеттерди жасоого;

5) шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан жүргүзүлүп жаткан шайлоо бюллетендерин саноого түздөн-түз катышууга;

6) шайлоо комиссиясынын ишине жолтоо болгон аракеттерди жасоого;

7) шайлоочулардын арасында үгүт жүргүзүүгө;

8) тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан чечимдерди кабыл алууга катышууга.

8. Коомдук байкоочулар өзүнүн статусун шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө байкоо жүргүзүү менен байланышпаган ишти жүргүзүү үчүн пайдаланууга укуксуз.

9. Тиешелүү шайлоо комиссиясы коомдук байкоочу ушул Мыйзамды жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузган учурда аны каттоосун жокко чыгарууга укуктуу.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**9-берене. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү**

1. Жалпыга маалымдоо каражаттары жазуу жүзүндөгү билдирме келип түшкөндөн кийин Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аккредиттелет.

2. Шайлоону даярдоону жана өткөрүүнү маалыматтык чагылдырууга катышкан жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү төмөнкүлөргө укуктуу:

1) шайлоо комиссияларынын жыйналыштарына катышууга;

2) шайлоо комиссиясынын протоколу менен таанышууга;

3) шайлоо комиссиясынан протоколдорду жана аларга тиркелген документтердин көчүрмөлөрүн алууга;

4) шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жашыруундуулугун бузбастан участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталган жерде добуш берүү күнү фото- жана көрмө тартууну жүзөгө ашырууга;

5) шайлоо алдындагы үгүттүн белгилерин камтыбаган, өзүнүн статусу, фамилиясы, аты-жөнү, өзү өкүл болгон уюмдун аталышы бар төш белгисин тагынып жүрүүгө.

3. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлүнүн талабы боюнча шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө же шайлоонун натыйжалары жөнүндө протоколдордун көчүрмөсүн күбөлөндүрүүгө милдеттүү.

4. Борбордук шайлоо комиссиясы алар шайлоо мыйзамдарын бузган учурда жалпыга маалымдоо каражатынын аккредиттелишин чакыртып алууга укуктуу.

5. Шайлоону даярдоо жана өткөрүү мезгилиндеги жалпыга маалымдоо каражатынын өкүлүнүн иши шайлоо мыйзамдары менен жөнгө салынат.

**10-берене. Шайлоо округдарын түзүү**

1. Шайлоо системасына жараша тиешелүү аймакта катталган шайлоочулардын саны жөнүндө маалыматтардын негизинде бирдиктүү шайлоо округдары жана көп мандаттуу шайлоо округдары түзүлөт.

1-1. Жергиликтүү Кеңештин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү шайлоо күнү белгиленгенден кийин 3 календардык күндөн кечиктирбестен калкты каттоо, жер ресурстарын башкаруу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан берилүүчү маалыматтардын негизинде түзүлүүчү шайлоо округдарында жүзөгө ашырылат.

2. Шайлоо округдарын түзүүдө төмөнкүдөй талаптар сакталууга тийиш:

1) шайлоочулардын саны боюнча шайлоочулардын өкүлчүлүгүнүн орточо ченеминен, эреже катары, 15 пайыздан ашпаган, ал эми жетүүгө кыйын жана алыскы жерлерде 20 пайыздан ашпаган жол берилген четтөө менен шайлоочулардын саны боюнча шайлоо округдарынын болжолдуу бирдейлиги;

2) шайлоо округу бирдиктүү аймакты түзөт, бири-бири менен чектешпеген шайлоо округдарында шайлоо округун түзүүгө жол берилбейт.

Шайлоо округдарынын схемасында шайлоо округдарынын чек аралары, ар бир шайлоо округуна кирген калктуу конуштардын (көчөлөрдүн, үйлөрдүн) тизмеги, ар бир шайлоо округунун аталышы, номери жана борбору, ар бир шайлоо округундагы шайлоочулардын саны көрсөтүлүүгө тийиш.

3. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын пропорциялуу система боюнча шайлоону өткөрүүдө тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин бүткүл аймагы шайлоо округу болуп саналат.

4. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын көп мандаттуу шайлоо округдары боюнча шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиялары жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча, ушул Мыйзам менен белгиленген жоболорду эске алуу менен добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгат жана аларды бекитүү үчүн Борбордук шайлоо комиссиясына киргизет.

5. Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча шайлоо округдарынын схемасын чек араларын карайт жана бекитет.

6. Борбордук шайлоо комиссиясы алардын чек араларын жана даректерин көрсөтүү менен шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын алар бекитилген күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялайт.

*(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**11-берене. Шайлоо участкаларын түзүү**

1. Добуш берүүнү өткөрүү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө үчүн шайлоо участкалары шайлоочулар үчүн эң жогорку ыңгайлуулуктарды түзүү максатында жергиликтүү жана башка шарттарды эске алуу менен шайлоо участкалары түзүлөт.

2. Шайлоо участкалары эреже катары, ар бир участкада 3000 шайлоочудан ашпаган эсептен алганда 5 жылдык мөөнөткө түзүлөт. Шайлоо округдарынын чек арасынын участкалардын чек аралары менен кесилишүүсүнө жол берилбейт.

Шайлоо участкаларынын чек араларын башкаруу Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен тартиптин негизинде жүргүзүлөт. Шайлоо участкаларынын тизмеси жана алардын чек аралары аларды түзүү үчүн каралган тартипте аймактык шайлоо комиссияларынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын сунушу боюнча такталууга тийиш.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын сунушу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылган шайлоо участкаларынын схемасын жана чек араларын карайт жана бекитет жана алар бекитилген күндөн тартып 5 календардык күндөн кечиктирбестен чек араларын жана даректерин көрсөтүү менен аларды жалпы маалымдоо каражаттарында жарыялайт.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**12-берене. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого шайлоочулардын тизмелери**

1. Эгерде ушул Мыйзамда башкача каралбаса, шайлоочулардын тизмесин түзүү "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык жүзөгө ашырылат. Шайлоочулардын тизмесине добуш берүү күнүнө карата активдүү шайлоо укугуна ээ болгон,

жергиликтүү жамааттын мүчөсү болуп саналган жана "Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте биометрикалык каттоодон өткөн Кыргыз Республикасынын бардык жарандары киргизилет.

2. Шайлоочулардын алдын ала тизмеси Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестринен 18 жаш курагына толгон, биометрикалык маалыматтарды тапшырган жарандар жөнүндө маалыматтарды автоматтык түрдө жүктөп алуу аркылуу шайлоо участокторунун чек араларын эске алуу менен түзүлөт. Шайлоочулардын алдын ала тизмеси мамлекеттик порталда участкалар, райондор жана шаарлар боюнча добуш берүү күнүнө чейин 55 календардык күн калганда шайлоочунун туруктуу же болбосо иш жүзүндө жашаган жери, туулган датасы жөнүндө маалымат бербестен, таанышуу жана аталган маалыматтарды, тизмедеги каталарды жана так эместиктерди аныктоо үчүн жайгаштырылат.

Калктын бирдиктүү мамлекеттик реестрин түзүү, сактоо жана актуалдаштыруу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан жүзөгө ашырылат.

Шайлоочулардын тизмесин түзүүдө жана актуалдаштырууда ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган мыйзамдарга ылайык электрондук кол тамга менен тастыкталган маалыматтарды шайлоо комиссиясына ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу өткөрүп берет.

2-1. Добуш берүү күнүндө стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде, шектүүлөр жана айыпталуучулар катары камакта кармоо жайларда, үзгүлтүксүз иштөө циклиндеги ишканаларда (вахта жумуштарында) жүргөн шайлоочулар, мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, аскер кызматчылары жана алардын аскер бөлүктөрүндө жашаган үй-бүлө мүчөлөрү жана башка адамдар жөнүндө маалыматтар көрсөтүлгөн мекемелердин (ишканалардын, аскер бөлүктөрүнүн) жетекчилери тарабынан түзүлөт жана добуш берүү күнүнө чейин 12 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү участкалык шайлоо комиссиясына өткөрүлүп берилет.

Стационардык дарылоо-алдын алуу мекемелеринде, шектүүлөр жана айыпталуучулар катары камакта кармоо жайларында жүргөн шайлоочуларды жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды эсепке алуу үчүн карамагында жогоруда көрсөтүлгөн мекемелер болгон ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, ошондой эле социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган ар бир жылдын 1-февралына жана 1-августуна карата абалы боюнча көрсөтүлгөн шайлоочулардын иш жүзүндөгү саны

жөнүндө маалыматты Борбордук шайлоо комиссиясына берүүгө милдеттүү.

3. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочулардын тизмесин түзүүдө "Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык түзүлгөн шайлоочулардын тизмесинен ушул Мыйзамдын 3-беренесинин 7-бөлүгүндө көрсөтүлгөн адамдарды чыгарып салат.

4. Мамлекеттик порталда жайгаштырылган жана ар бир шайлоо участогу боюнча түзүлгөн алдын ала тизме Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан басып чыгарылат жана добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күн калганда участоктук шайлоо комиссиясына берилет.

5. Мамлекеттик порталга жайгаштырылган шайлоочулардын тизмеси маалыматтын келип түшүүсүнө жараша дайыма жаңыланып турууга тийиш.

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**13-берене. Шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу**

1. Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күн калганда тиешелүү шайлоо участогунун аймагында жашаган шайлоочулардын таанышып чыгуусу үчүн шайлоочулардын алдын ала тизмесин илүүгө милдеттүү.

2. Ар бир шайлоочу кандай гана болбосун ката же так эместикти тапкан учурда, ошондой эле ал шайлоочулардын алдын ала тизмесинде жок болсо, добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен ырастоочу документтердин көчүрмөсүн тиркеп, арыз менен тиешелүү участоктук шайлоо комиссиясына кайрылууга укуктуу, бул учурда шайлоочу биометрикалык идентификациядан өтөт.

Шайлоочудан белгиленген формадагы арызды алганда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү арызда толтурулган маалыматтардын тууралыгын жана көрсөтүлгөн маалыматтардын паспорттук маалыматтар менен шайкештигин текшергенден кийин, ошондой эле идентификациядан өткөн шартта шайлоочуга арыздын төмөн бөлүгүндө жайгашкан арызды иштеп чыгуунун статусун тактоо боюнча маалыматы бар айрып алма талонду берет.

Тизмеге киргизүү, каталарды же так эместиктерди оңдоо боюнча тиешелүү чараларды кабыл алуу үчүн көрсөтүлгөн арызды участкалык шайлоо комиссиясы Борбордук шайлоо комиссиясынын тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясындагы системалык администраторуна токтоосуз өткөрүп берет.

Шайлоочу мыйзамдарда белгиленген тартипте авторлоштуруудан өтүп, мамлекеттик порталдагы "шайлоочунун кабинети" деген сервис аркылуу электрондук түрдө да арыз берүүгө укуктуу.

Шайлоочунун бул арызына жооп арызды берүүдө шайлоочу көрсөткөн дарек боюнча кагаз жүзүндө же электрондук билдирүү түрүндө тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан 7 календардык күндөн кечиктирбестен жиберилет.

катталган талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө маалыматтар, талапкерлер, саясий партиялар тарабынан өткөрүлгөн шайлоо алдындагы иш-чаралар жөнүндө билдирүүлөр өзүнчө маалыматтык блоктор комментарийлерсиз берилүүгө тийиш. Мындай маалыматтык блоктор талапкерлер, финансы маселелери боюнча ыйгарым укуктуу өкүлчүлүктөр, саясий партиялар тарабынан төлөнбөйт. Аларда кайсы бир талапкерге же саясий партияга артыкчылык берилбөөгө, кайсы бир талапкерди же саясий партияны, анын ичинде анын үгүт алдындагы ишин чагылдыруу убактысы, мындай билдирүүлөргө берилген эфирдик убакыттын көлөмү же басма аянты боюнча басмырлоого жол берилбөөгө тийиш.

4. Шайлоо менен байланышкан коомдук пикирди сурап-билүүнүн натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) шайлоочуларга маалымдоонун бир түрү болуп саналат. Сурап-билүүнүн натыйжаларын жарыялоо ушул берененин 5-бөлүгүнүн талаптарына ылайык келүүгө тийиш.

5. Шайлоо менен байланышкан коомдук пикирди сурап-билүүнүн натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) учурунда көрсөтүлгөн жарыялоону (чагылдырууну) жүзөгө ашырып жаткан жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет-басылмалар, жарандар жана уюмдар пикир сурап-билүүнү жүргүзгөн уюмду же жеке жакты, аны жүргүзүү убактысын, пикири суралгандардын санын (тандамалуу), маалыматты чогултуу усулун, сурап-билүү жүргүзүлгөн регионду, суроонун так баяндалышын, мүмкүн болгон өксүктөргө статистикалык баа берүүнү, пикир сурап-билүүнү жүргүзүүнү табыштаган жана аны жарыялоого акы төлөгөн жакты көрсөтүүгө милдеттүү.

6. Добуш берүү күнүнө чейинки акыркы 5 календардык күндө, ошондой эле добуш берүү күнү коомдук пикирди сурап-билүүнүн натыйжаларын, шайлоонун натыйжаларынын божомолдорун, шайлоого байланышкан башка изилдөөлөрдү жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда жарыялоого (чагылдырууга) жол берилбейт.

7. Коомдук пикирди сурап-билүүнүн натыйжаларын жарыялоо (чагылдыруу) учурунда ушул берененин 5 жана 6-бөлүктөрүнүн талаптарын сактабагандык мындай маалыматтарды камтыган материалдарды үгүттөөчү деп таанууга жана колдонуудагы мыйзамдарда каралган жоопкерчиликке алып келет.

8. Кыргыз Республикасынын жарандарына, талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо өткөрүүдө ушул Мыйзамга, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык үгүттү эркин жүргүзүү мамлекет тарабынан камсыз кылынат.

9. Кыргыз Республикасынын жарандары, талапкерлер, саясий партиялар шайлоого катышуу үчүн ар кандай талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин жактап же аларга каршы үгүт жүргүзүүгө талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы программаларын эркин жана ар тараптуу талкуулоого укуктуу.

Үгүт чогулуштарда, митингдерде жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн. Шайлоо комиссиялары үгүт жүргүзүүнү жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүүнү камсыз кылууга тийиш.

Үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен жолугушууларды өткөрүүнүн бардык талаптарына ылайык кеңеш жайларды, үгүт материалдарын илүү үчүн орундарды же аянттарды берүүгө тийиш.

10. Төмөнкүлөр шайлоо алдындагы үгүт деп таанылат:

1) тигил же бул талапкер, талапкерлердин тизмеси үчүн добуш берүүгө же болбосо аларга каршы добуш берүүгө үндөөлөр;

2) талапкерлердин, саясий партиялардын бирине артыкчылык берүүнү билдирүү;

3) талапкерлерди, талапкерлердин тизмесин шайлоонун же шайлабоонун мүмкүн болуучу кесепеттерин баяндоо;

4) алардын кесипкөйлүк иши же алардын өзүлөрүнүн кызматтык (кызмат ордунун) милдеттери менен байланышпаган талапкерлердин иши жөнүндө маалыматтарды таратуу.

11. Шайлоо кампаниясынын мезгилинде Кыргыз Республикасынын жарандары, саясий партиялар каржылоону талап кылуучу шайлоо алдындагы үгүт иштерин талапкерлер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар менен макулдашуу боюнча жана алардын шайлоо фонддору аркылуу гана жүргүзүүгө укуктуу.

12. Талапкерлерге, саясий партияларга жалпыга маалымдоо каражаттарына жетүүнүн тең шарттарына кепилдик берилет.

13. Шайлоо өткөрүүдө үгүт төмөнкүдөй жүзөгө ашырылышы мүмкүн:

1) жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу;

2) концерттерди, театрлаштырылган оюн-зоокторду, спорттук иш-чараларды өткөрүүнү кошпогондо, үгүттүк ачык иш-чараларды (митингдерди, чогулуштарды, телевизиондук дебаттарды жана башка) өткөрүү аркылуу;

3) басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу, жайгаштыруу жана таркатуу жолу менен;

4) мыйзам менен тыюу салынбаган башка түрлөрдө.

14. Талапкер, саясий партиялар жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу өзүнүн үгүт иштеринин түрүн жана мүнөзүн өз алдынча аныктоого укуктуу.

15. Мамлекеттик жарандык жана муниципалдык кызматчылар, Жогорку Кеңештин депутаттарын кошпогондо, мамлекеттик саясий кызмат орундарын, жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кошпогондо, атайын мамлекеттик жана саясий муниципалдык кызмат орундарын ээлеген адамдар, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү, байкоочулар, эл аралык байкоочулар, диний ишмерлер, кайрымдуулук иш менен алектенген уюмдардын уюмдаштыруучулары жана мүчөлөрү, 18 жашка толо элек адамдар, чет өлкөлүк жарандар жана уюмдар, жарандыгы жок адамдар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруунун кызматкерлери үгүт жүргүзүүгө, ар кандай үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуксуз.

16. Кыргыз Республикасынын аймагында таратылуучу чет өлкөлүк жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоо алдында үгүт жүргүзүүгө тыюу салынат. Шайлоо өткөрүү мезгилинде чет өлкөлүк теле, радио программалардын ретрансляциясы жазуу түрүндө жүргүзүлөт. Талапкерлердин ар-намысын, кадыр-баркын жана иш беделин жаманатты кылган маалыматты таратуучу чет өлкөлүк теле, радио программалардын ретрансляциясына тыюу салынат. Мындай учурларда ушул сыяктуу маалыматтарды таратканы үчүн ретрансляциялоочу жалпыга маалымдоо каражаттары жоопкерчилик тартышат.

17. Эгерде көрсөтүлгөн жактар ушул жалпыга маалымдоо каражаттарынын уюштуруучулары же интернет-басылманын ээлери жана бир эле маалда талапкерлер же алардын өкүлдөрү болуп саналса, ушул Мыйзамга ылайык жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылманын редакцияларынын журналисттерине, башка чыгармачыл кызматкерлерине, ошондой эле кызмат адамдарына маалыматтык теле, радио программаларды алып барууга, шайлоону ошол жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылма аркылуу чагылдырууга катышууга тыюу салынат. Бул эреже ушул Мыйзамдын 24-беренеси менен каралган тартипте мамлекеттик жана жергиликтүү телерадио уюмдарынын каналдарында талапкерлер тарабынан акысыз обо убактысын пайдалануу учурунда үгүттүк чыгып сүйлөөлөрүнө тиешелүү болбойт.

18. Уюмдаштыруучулары (тең уюмдаштыруучулары, ээлери) мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары же аларга ведомстволук баш ийүүдөгү мекемелер жана ишканалар болуп саналган, республикалык же жергиликтүү

бюджеттин каражаттарынын эсебинен толугу менен же жарым-жартылай каржыланган жалпыга маалымдоо каражаттары жана интернет-басылмалары, ошондой эле салык жана милдеттүү төлөмдөрдү төлөөдө башка жалпыга маалымдоо каражаттарына салыштырганда жеңилдиктери бар жалпыга маалымдоо каражаттары талапкерлерге, саясий партияларга шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүдө тең мүмкүнчүлүктөрдү камсыз кылууга милдеттүү.

19. Ушул берененин 18-бөлүгүнүн колдонулушуна туура келбеген жалпыга маалымдоо каражаттары талапкерлерге, саясий партияларга телерадио уюмдарынын каналдарында обо убактысын, мезгилдүү басылмаларда басма аянтын берүү тартиби жөнүндө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген нускамаларга ылайык талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын, басма аянтын келишимдик негизде берүүгө укуктуу.

Обо убактысын бергендиги, мезгилдүү басылмада же интернет басылмаларында басып чыгаргандыгы үчүн акынын өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш.

20. Шайлоо өткөрүүдө обо убактысын, басылма аянтын төлөөнүн өлчөмү жана башка шарттары жөнүндөгү маалыматтар же интернет-басылмаларда жарыялоо укугу шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирилбестен тиешелүү телерадиоберүү уюму, мезгилдүү басылманын редакциясы, интернет басылмасынын ээси тарабынан Борбордук шайлоо комиссиясына аккредитация максатында берилүүгө тийиш. Берилген маалыматтар шайлоону дайындоо жөнүндө чечим расмий жарыяланган күндөн тартып 15 календардык күндөн кечиктирилбестен Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан өзүнүн расмий сайтында жалпы маалымат үчүн жарыяланат.

*(КР 2013-жылдын 30-июлундагы № 170, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**23-берене. Шайлоо алдында үгүт жүргүзүүнүн мөөнөттөрү**

1. Шайлоо алдында үгүт бардык талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып башталат жана добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат.

2. Кайра добуш берүүнү өткөрүүдө шайлоо алдындагы үгүт иштери кайра добуш берүүнү дайындоо жөнүндө чечим кабыл алынган учурдан тартып кайрадан башталат жана кайра добуш берүү башталганга чейин 24 саат калганда токтотулат.

3. Мурда шайлоо комиссияларынын имараттарынан жана жайларынан тышкары жайгаштырылган басылма үгүт материалдары (баракчалар, плакаттар, билборддор жана башка материалдар) добуш берүү күнү мурдагы орундарында сакталат.

**24-берене. Телекөрсөтүү жана радио боюнча шайлоо алдында үгүт жүргүзүү**

1. Талапкерлер, саясий партиялар ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонулушуна туш келген жана шайлоо өткөрүлүп жаткан аймактарда телекөрсөтүүлөрдү, радио уктурууларды жүзөгө ашыруучу телерадио уюмдарынын каналдарында аларга акысыз берилген обо убактысын пайдаланууга укуктуу. Көрсөтүлгөн обо убактысы тележана радио программалары аудиториянын көпчүлүгүн чогулткан мезгилге - саат 20дан саат 24кө чейинкиге туура келүүгө тийиш.

2. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо үгүт жүргүзүү үчүн мамлекеттик телерадио уюму бөлүп берген акысыз обо убактысынын жалпы көлөмү жумуш күндөрү бир сааттан кем болбоого тийиш. Көрсөтүлгөн акысыз обо убактысы катталган жана берүүгө келген талапкерлердин, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын ортосунда тең негизде бөлүштүрүлөт.

3. Бөлүнгөн эфирдик убакыттын жалпы көлөмүнүн кеминде жарымы талапкерлерге, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партияларга дебаттарды жана башка ушундай үгүт иш-чараларын биргелешип өткөрүү үчүн гана каралат. Акысыз эфирдик убакыттын ушул үлүшүн пайдаланууга бардык талапкерлерге, саясий партияларга бирдей негиздерде жол берилүүгө тийиш.

Телерадио берүү уюмдарынын каналдарындагы биргелешкен үгүт иш чараларына катталган талапкерлер жеке өздөрү гана, саясий партиялар - катталган талапкерлердин тизмесинен депутаттар аркылуу катыша атат. Биргелешкен үгүт иш чараларына катышуудан баш тартуу биргелешкен үгүт иш чараларга катышуудан баш тарткан катталган талапкер, саясий партия үчүн берилген акысыз обо убактысынын өлчөмүн көбөйтүүгө алып келбейт.

Биргелешкен үгүт иш-чараларына катышуудан баш тартуу же келбей коюу эфирдик убакытты берүүгө алып келбейт.

4. Ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонулушуна туш келген телерадио уюмдары шайлоонун деңгээлине жараша талапкерлердин, саясий партиялардын үгүт жүргүзүү үчүн акы төлөнүүчү обо убактысын резервге калтырууга милдеттүү. Көрсөтүлгөн обо убактысы келишимдин шартында тиешелүү талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча акыга берилүүгө

тийиш. Резервге калтырылган акы төлөнүүчү обо убактысынын жалпы көлөмү акысыз обо убактысынын жалпы көлөмүнөн кем болбоого, ал эми акы төлөөнүн өлчөмү бардык талапкерлер, саясий партиялар үчүн бирдей болууга тийиш. Мында ар бир талапкер, саясий партия резервде калтырылган обо убактысынын жалпы көлөмүнөн ал көлөмдү талапкерлердин, саясий партиялардын жалпы санына бөлүүдө алынган үлүшүнүн чегинде убакыт алууга укуктуу.

Талапкерлерге, саясий партияларга акы төлөнүүчү обо убактысынын наркы шайлоону дайындаган күнгө чейинки 6 ай мурда алынып жүргөн нарктан ашпоосу керек.

5. Талапкерлердин, саясий партиялардын сүйлөгөн сөзүн үзгүлтүккө учуратууга, ошондой эле аларды кандайдыр бир комментарийлер менен коштоого тыюу салынат.

6. Ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 19-бөлүгүнүн колдонулушуна туш келген телерадио уюмдарынын каналдарында талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын берүүнүн тартибин жөнгө салуу Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

7. Талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын берген телерадио уюмдары менчигинин түрүнө карабастан башка талапкерлерге, саясий партияларга обо убактысын ошондой эле шартта (баанын, обого чыгуу убактысынын, убакыттын көлөмүнүн бирдейлиги жана башка шарттар) берүүгө милдеттүү.

8. Шайлоо алдындагы үгүткө арналган теле- жана радио берүүлөрдүн тартиби, көлөмү жана убактысы шайлоо комиссиялары тарабынан телерадио уюмдарынын жетекчилиги менен макулдашуу боюнча белгиленет жана талапкерлердин, саясий партиялардын ортосунда теңдештик принцибин сактоо менен бөлүштүрүлөт.

9. Тиешелүү шайлоо комиссиясы чүчүкулак өткөрүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга чүчүкулак өткөрүү күнү, убактысы жана орду жөнүндө билдирет жана акысыз эфир убактысын жана басма аянтты алуу үчүн чүчүкулакка катышууга алардан келип түшкөн табыштамаларды каттайт.

Катталган талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо алдындагы үгүт материалдарын, биргелешкен үгүт иш-чараларын мамлекеттик телерадио уюмдарынын каналдарында акысыз негизде эфирге чыгуу күнүн жана убактысын аныктаган чүчүкулакты тийиштүү телерадио уюмдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен тийиштүү шайлоо комиссиясы өткөрөт. Чүчүкулак талапкерлерди каттоо аяктагандан кийин, бирок добуш берүү күнүнө чейин 25 күндөн кечиктирбестен, ал эми кайталап добуш берүүнү өткөрүү

- кайталап добуш берүү дайындалган күндөн бир күн өткөндөн кийин жүргүзүлөт. Чүчүкулактын натыйжалары протокол менен таризделет. Чүчүкулактын натыйжасында аныкталган эфирдик убакытты бөлүштүрүү графиги шайлоо комиссиясынын чечими менен бекитилет жана тийиштүү түрдө мамлекеттик мезгилдүү басылмаларда жарыяланат.

Дебаттарды уюштуруу жана өткөрүү тартибин тийиштүү шайлоо комиссиясы бекитет.

10. Катталган талапкерлерге, катталган талапкерлерди көрсөткөн саясий партияларга эфирдик убакытты, басма аянтты берген телерадио уюмдар жана мезгилдүү басылмалардын редакциялары (менчигинин түрүнө карабастан) Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген эсепке алууну жүргүзүүнүн формаларына жана тартибине ылайык алардын көлөмүн жана наркын эсепке алууга милдеттүү. Бул эсепке алуунун маалыматтары шайлоо алдындагы үгүт мезгилинде ар бир 10 күндө жана добуш берүү күнүнөн кийин 10 күндүк мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясына берилиши керек.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**25-берене. Жалпыга маалымдоонун басылма каражаттары аркылуу шайлоо алдында үгүт жүргүзүү**

1. Мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан расмий билдирүүлөрдү жана материалдарды, ченемдик жана башка актыларды жарыялоо үчүн гана уюштурулган басылмаларды албаганда, ушул Мыйзамдын 22-беренесинин 18-бөлүгүнүн колдонушуна туш келген жалпыга маалымдоонун мезгилдүү басылма каражаттары талапкерлер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар тарабынан берилүүчү материалдар үчүн А4 форматындагы бир беттен кем болбогон өлчөмдөгү акысыз басылма аянттарды тең шарттарда бөлүп берүүгө тийиш. Адистештирилген (балдар, техникалык, илимий жана башка) басма сөз басылмалары үчүн шайлоо өнөктүгүнө кандай гана түрдө болбосун толук катышпаган шартта кандай гана түрдөгү болбосун үгүт материалдарын жарыялоодон баш тартууга жол берилет.

2. Талапкерлерге, саясий партияларга басма аянттарын берген мезгилдүү басылмалар менчигинин түрүнө карабастан ошондой эле шарттарда (баанын, көлөмдүн бирдейлиги жана башка шарттар)

башка талапкерлерге, саясий партияларга басма аянттарын берүүгө милдеттүү. Мында басма аянтынын наркы шайлоону дайындаган күнгө чейинки 6 ай мурда алынып жүргөн нарктан ашпоосу керек.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**26-берене. Жапырт иш-чараларды өткөрүү аркылуу шайлоо алдындагы үгүт**

1. Мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары талапкерлерге, саясий партияларга чогулуштарды жана жарандар менен жолугушууларды көпчүлүк алдындагы дебаттарды жана дискуссияларды, митингдерди, демонстрацияларды жана жүрүштөрдү уюштурууга көмөк көрсөтүүгө, жапырт иш чараларды өткөрүүдө коопсуздукту камсыз кылууга милдеттүү.

2. Шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү үчүн мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги жайларды бөлүп берүү жөнүндө талапкерлердин, саясий партиялардын арыздары мамлекеттик бийлик органдары жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан алар берилген күнү каралат.

Шайлоочулар менен жолугушуулар үчүн талапкерге, саясий партияга жайларды бөлүп берүүдөн баш тартылган учурда мамлекеттик бийлик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн жазуу жүзүндө чечим берүүгө милдеттүү.

Эгерде көрсөтүлгөн жай жапырт иш чараларды өткөрүү үчүн талапкерлердин, саясий партиялардын бирине берилсе, ошол эле жайды башка талапкерге, саясий партияга берүүдөн баш тартууга жол берилбейт.

3. Мамлекеттик же муниципалдык менчиктеги, мамлекеттик ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын балансында турган жайлар талапкерлер, саясий партиялардын өкүлдөрү, алардын ишенимдүү адамдары, ыйгарым укуктуу өкүлдөрү үчүн шайлоочулар менен жолугушуусу үчүн бирдей шарттарда берилет.

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**27-берене. Басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгаруу жана таратуу**

1. Талапкерлер, саясий партиялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленген тартипте басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын чыгарууга жана таратууга укуктуу. Үгүт материалдарын Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары даярдоого тыюу салынат. Басылма жана башка

үгүт материалдарынын нускалары же алардын көчүрмөлөрү аларды таратып баштаганга чейин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берилүүгө тийиш.

Талапкерлер, саясий партиялар шайлоо алдындагы үгүт материалдарын сурдокотормону же субтитрди колдонуп, окууга ыңгайлуу чоңойтулган шрифт менен басылып, ошондой эле ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген шайлоочулар үчүн Брайль шрифтин же башка атайын каражаттарын пайдалануу менен үгүт материалдарынын жалпы нускасынын санынын бир пайызынан кем эмес санда басып чыгарууга жана таркатууга милдеттүү.

2. Бардык басылма жана башка үгүт материалдары үгүт материалдарын даярдаган уюмдун, жеке ишкердин аталышын жана дарегин (фамилиясын, атын, атасынын атын), үгүт материалдарын даярдоого табыштама берген талапкердин фамилиясын, атын, атасынын атын, саясий партиянын аталышын, алардын чыгарылган нускасы жана датасы жөнүндө маалыматты, аларды жасоого тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынан акы төлөө жөнүндө маалыматты, ошондой эле табыштамага акы төлөгөн талапкердин же талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн фамилиясын, атын, атасынын атын камтууга тийиш. Көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.

3. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо дайындалган күндөн тартып 35 календардык күндүн ичинде ар бир шайлоо участкасында үгүт материалдарын илүү үчүн атайын орундарды берүүгө жана жабдууга милдеттүү. Талапкерлерге, саясий партияларга мындай материалдарды жайгаштыруу үчүн тең шарттар камсыз кылынууга тийиш.

Мындай үгүт материалдарды жайгаштыруу үчүн орундар шайлоочулардын келип-кетүүсүнө ыңгайлуу болушу керек жана шайлоочулар аларда жайгаштырылган маалыматтар менен тааныша алгыдай жайгашууга тийиш. Катталган талапкерлерге, талапкерлердин тизмелерине шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бирдей аянттар берилүүгө тийиш. Бөлүнгөн орундардын аянты аларда шайлоо комиссияларынын маалыматтык материалдарын жана талапкерлердин шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн жетиштүү болууга тийиш. Талапкерлер, саясий партиялар тийиштүү аймактык шайлоо комиссияларынан шайлоо алдындагы басылма үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн бөлүнгөн орундардын тизмесин алууга укуктуу.

3-1. Ушул берененин 2-бөлүгүндө белгиленген талаптарды бузуу менен даярдалган үгүт материалдарын таркатууга тыюу салынат.

4. Көрсөтүлгөн материалдарды эстеликтерге, обелисктерге, тарыхый, маданий же архитектуралык баалуулугу бар имараттарга, ошондой эле шайлоо комиссияларынын жайларына, аларга кире берген жерлерге жана добуш берүүчү жайларга жайгаштырууга тыюу салынат. Үгүт материалдарын жайгаштыруу максатында жашыл бадалдарды, дарактарды пайдаланууга жол берилбейт.

5. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоонун натыйжалары жарыялангандан кийин 10 календардык күндүн ичинде шайлоо округунун аймагын үгүт материалдарынан тазалоону камсыз кылууга милдеттүү.

6. Жасалма түрдөгү жалган үгүт материалдарын таркатуу же болбосо ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн маалыматтарды камтыбаган үгүт материалдарын таратуу жөнүндө маалымат алган шайлоо комиссиясы андай ишке бөгөт коюу үчүн чара көрөт жана укукка каршы үгүт иштерин болтурбоо жана мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жөнүндө сунуш менен тиешелүү укук коргоо жана башка органдарга кайрылууга укуктуу.

7. *(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

8. Басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын жок кылгандыгы, бузгандыгы же керектен чыгаргандыгы үчүн жарандар мыйзамда белгиленген тартипте жоопкерчилик тартышат.

9. Басылма үгүттөө материалдары жайларга, имараттарга, курулмаларга жана башка объекттерге көрсөтүлгөн объекттердин менчик ээлеринин макулдугу менен жана шарттарында гана илинсе (чапталса, жайгаштырылса) болот.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**28-берене. Шайлоо алдында үгүт жүргүзүү укугун кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбестик**

1. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышына контролдук кылат жана кетирилген бузууларды четтетүү боюнча чараларды кабыл алат.

2. Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүдө жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги менен кыянаттык менен пайдаланууга жол берилбейт: улуттук, этностук, расалык, диний, регион аралык жек көрүүнү, кодулоого чакырган гендердик жана башка социалдык

артыкчылыкты пропагандалоого же бийликти басып алуу, конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүү жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузуу чакырыктарына; согушту пропагандалоого; жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдыруу менен башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлери менен эл алдында иш-чараларды өткөрүүгө, башка мамлекеттердин мамлекеттик жана саясий ишмерлеринин сүрөтүн пайдалануу менен фото жана көрмө материалдарды пайдаланууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен тыюу салынган жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигинен кыянаттык менен пайдалануунун башка түрлөрүнө тыюу салынат.

Ибадат кылуу имараттарынын, курулмалардын жана аларга тиешелүү аймактардын, кооптуу жана зыяндуу өндүрүштөрү бар объекттердин, электр станцияларынын, темир жолдордун, мунай/газ өткөргүчтөрдүн, жогорку чыңалуудагы электр өткөрүү линияларынын, жана инфратүзүмдүк башка объекттердин, пенитенциардык системанын объекттеринин, саламаттык сактоонун мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарынын, мектепке чейинки балдар мекемелеринин, мектепке чейинки билим берүүчү жана жалпы билим берүүчү уюмдардын ичинде жана аларга жакын жерлерде үгүт иш-чараларын жүргүзүүгө, үгүт материалдарын таратууга жол берилбейт.

Шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүдө үгүт материалдарында диний тематикадан түз жана кыйыр өздөштүрүлгөн сөздөрдү же шилтемелерди камтыган маалыматтын бөлүктөрү менен элементтерин (сүрөттөрүн) чагылдырууга жана башкача колдонууга жол берилбейт.

3. Шайлоо дайындалган учурдан тартып шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырууга: шайлоочуларга акча каражаттарын төлөп берүүгө; шайлоочуларга белектерди жана башка материалдык баалуулуктарды тапшырууга; товарларды жеңилдетилген баада сатууга; талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын символун, Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген тизмеге ылайык талапкердин сүрөтүн камтыган басылма үгүт материалдарын, төш белгилерди, футболкаларды, баш кийимдерди, моюн орогучтарды кошпогондо, ар кандай товарларды акысыз таркатууга; акысыз же жеңилдетилген шартта кызмат көрсөтүүгө тыюу салынат.

Талапкер, саясий партия менен аткаруучунун ортосунда талапкердин, саясий партиянын шайлоо фондунун каражаттарынан төлөнүүчү эмгек келишимдеринин алкагында аткарылган ишке акы төлөө сатып алуу деп эсептелбейт.

4. Талапкерлер, алардын жакын туугандары, талапкердин жубайы, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрү шайлоо дайындалган учурдан тартып жана шайлоонун натыйжалары жарыялангaнга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө укуксуз.

5. Талапкерлер, алардын өкүлдөрү, саясий партиялардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, башка жактар шайлоо алдындагы өнөктүккө катышуу менен жалган маалыматтарга негизделген жана талапкерлердин, саясий партиялардын абийирине, ар-намысына же иштиктүү беделине зыян келтирүүчү жарыялоолорго жол берүүгө укуксуз. Мындай жарыялоолорго жол берген жалпыга маалымдоо каражаттар, интернет-басылмалар талапкердин, саясий партиянын талабы боюнча төгүндөөнү жарыялоого же чындыкка ылайык келбеген же аны бурмалаган макалага же билдирүүлөргө түшүндүрмө жарыялоого милдеттүү. Төгүндөө же түшүндүрмө мезгилдүү басылмаларда - кийинки санында, интернет-басылмаларда - төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күнү, телекөрсөтүү же радио аркылуу - төгүндөө же түшүндүрмө келип түшкөн күндөн кийинки күндөгү чыгарылышында төгүндөө же түшүндүрмө берилип жаткан маалымат басылган ошол эле тилкеде, ошол электрондук аянтта жана ошол эле шрифт менен берилет. Төгүндөөнү же башка түшүндүрмөнү жарыялоо үчүн талапкерге, саясий партияга алгачкы маалымат жарыяланган сутканын убактысында эфирдик убакыт берилүүгө тийиш жана анын көлөмү алгачкы маалыматты баяндоого берилген эфирдик убакыттын көлөмүнөн аз, бирок эки минутадан кем болбоого тийиш.

6. Катталган талапкер, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия үгүт үчүн берилген телеберүүнү жүргүзгөн уюмдардын каналдарында аларга үгүт материалдарын жайгаштыруу үчүн берилген эфирдик убакытты, басылма продукцияларды, аянттарды төмөнкү максаттарда колдонууга укугу жок:

1) талапкерге (талапкерлерге), саясий партияга каршы добуш берүүгө чакырыктарды таратууга;

2) бул же тигил талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси шайланган учурда мүмкүн болуучу терс кесепеттерди сүрөттөөгө;

3) кайсы-бир талапкер (кайсы-бир талапкерлер), катталган талапкерди көрсөткөн саясий партия жөнүндө маалыматтар терс баяндамалар менен ачык эле басымдуулук кылган маалыматты таратууга;

4) талапкерге, катталган талапкерди көрсөткөн саясий партияга карата шайлоочулардын терс мамилесин түзүүгө өбөлгө болгон маалыматты таратууга.

7. Талапкерге, саясий партияга шайлоо алдындагы үгүттүн мөөнөтү бүткөнгө чейин талапкердин, саясий партиянын кадыр-баркына зыян келтирген маалымат жарыяланган жалпыга маалымдоо каражаттарында, интернет-басылмаларда алардын беделин коргоо иретинде төгүндөө же башка түшүндүрмөлөрдү ушул берененин 5-бөлүгүндө белгиленген мөөнөттөрдө жарыялоого мүмкүнчүлүк бербөө ошол жалпыга маалымдоо каражаттарын, интернет-басылмаларын мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартуу жана тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын аккредитациясынан ажыратуу үчүн негиз болуп саналышы мүмкүн.

Шайлоо өнөктүгүнүн мезгилинде талапкерлердин аты-жөнүн же сүрөтүн пайдалануу менен коммерциялык жана шайлоо менен байланышпаган башка ишмердүүлүктүн жарнагын, ошондой эле талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялардын аталышын, эмблемаларын жана башка символикаларын пайдалануу менен жарнаманы төлөө тиешелүү шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен гана жүргүзүлөт. Добуш берүү күнү жана добуш берүү күнүнөн мурунку күнү мындай жарнамага, анын ичинде шайлоо фондунун каражаттарынын эсебинен төлөнгөн жарнамага жол берилбейт.

8. Талапкер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары, интернет басылмалар ушул берененин 2, 3, 5 жана 6-бөлүктөрүнүн талаптарын бузган учурда шайлоо комиссиялары, шайлоочулар, талапкер, саясий партия, ошондой эле алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу жана күнөөлүү жактарды ушул Мыйзам жана колдонуудагы мыйзамдар менен белгиленген тартипте жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуш менен укук коргоо органдарына, сотко кайрылууга милдеттүү.

Укук коргоо органдары укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу боюнча чараларды көрүүгө жана табылган фактылар менен көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз маалымдоого милдеттүү.

9. Шайлоо комиссиялары шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүүнүн белгиленген тартибинин сакталышына контролдук кылат жана жол берилбеген бузууларды четтетүү боюнча чараларды көрөт. Талапкер, саясий партиялар ушул Мыйзамдын 22-27-беренелеринде, ошондой эле ушул берене менен белгиленген талаптарды бузган учурда тиешелүү шайлоо комиссиясы аларга бузуу жөнүндө жазуу жүзүндө эскертүү берүүгө укуктуу. Талапкер, саясий партия ушул Мыйзамда белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бир нече жолу (эки же андан көп жолу) бузган учурда тийиштүү шайлоо

комиссиясы аларды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартууга укуктуу.

Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын корутундусу (акты) менен ырасталган ушул берененин 2-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелери бузулган учурда Борбордук шайлоо комиссиясы тиешелүү шайлоо комиссиясынын сунуштамасы, же болбосо өз демилгеси боюнча талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

Жалган басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын таркаткан жана ушул Мыйзамдын талаптарын бузуу менен басма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын тараткан учурда, ошондой эле ушул Мыйзам менен белгиленген шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү тартибин телерадиоберүү уюму, мезгилдүү басылмалардын редакциялары, тармактык басылманын редакциясы бузган учурда, шайлоо комиссиялары укук коргоо органдарына, сотко, жалпыга маалымдоо каражаттары, анын ичинде электрондук жана массалык коммуникациялар, маалыматтык технологиялар жана байланыш чөйрөсүндө контролдоо жана көзөмөлдөө функцияларын жүзөгө ашырган аткаруу бийлигинин органына укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу, мыйзамсыз үгүт материалдарын алып коюу жана телерадиоберүү уюмун, мезгилдүү басылманын редакциясын, тармактык басылманын редакциясын, алардын кызмат адамдарын, ошондой эле башка адамдарды мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуш менен кайрылууга милдеттүү.

10. Укук коргоо органдары жана башка органдар укукка каршы үгүт ишине бөгөт коюу, жасалма жана мыйзамсыз даярдалган басылма, көрмө-укма жана башка үгүт материалдарын жасоону болтурбоо жана аларды алып коюу боюнча, ошондой эле көрсөтүлгөн материалдарды жасоочуларды жана аларга акы төлөөнүн булактарын аныктоо боюнча чараларды көрүүгө, ошондой аныкталган фактылар жана көрүлгөн чаралар жөнүндө тиешелүү шайлоо комиссияларына, референдумдун комиссияларына токтоосуз билдирүүгө милдеттүү.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**29-берене. Добуш берүү үчүн жай**

1. Добуш берүү үчүн жай участкалык шайлоо комиссиясынын пайдалануусуна мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан акысыз берилет.

2. Добуш берүү үчүн жайда добуш берүү үчүн ящиктер, жарык берүү системасы жана жазуу буюмдары менен атайын жабдылган кабиналар, мониторлор, манжалардын тактарынын термопринтерлери жана сканерлери, ошондой эле сервердик жана тарамдык жабдуулардын комплекттери жайгаштырылат.

Жарык кылуу системасында аны алмаштыргыдай жарык берүү булагы, фонарлар жана шамдар болуу керек. Электр жарыгы өчүп калганда добуш берүү (негизги же аны алмаштыруучу жарык булагынын эсебинен) жарык болгонго чейин токтотула турат. Бул учурда участкалык шайлоо комиссиясынын ишине натыйжалуу байкоо жүргүзүү үчүн байкоочулар, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү добуш берүүчү ящиктерден, добуш берүүчү кабиналардан шайлоо комиссиясынын жол-жобосун, алардын милдет аткарышын толук көрүп тургандай өз милдеттерин аткарууну камсыздагыдай аралыкта турууга укуктуу.

3. Добуш берүү үчүн жайда шайлоо комиссиясы стендди жасалгалайт, анда бардык талапкерлер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партиялар, ошондой эле талапкерлердин тизмесин каттаган саясий партиялар жөнүндө маалыматтык материалдар жайгаштырылат. Көрсөтүлгөн материалдарда үгүт чакырыктары камтылбоого тийиш. Стендде ошондой эле толтурулган шайлоо бюллетендеринин үлгүлөрү жайгаштырылат, аларда бул шайлоо округунда катталган талапкерлердин фамилиялары, талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин каттаган саясий партиялардын аталыштары камтылбоого тийиш.

Көрүүсү боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочуларды маалымдоо үчүн маалыматтык тактада ири шрифт жана (же) Брайль шрифтин колдонуу менен аткарылган материалдар жайгаштырылат.

4. Добуш берүү үчүн жайда шайлоо бюллетендерин берүүчү жер, ошондой эле ушул берененин 2-бөлүгүнүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн жабдуулар шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоочулардын топторунун өкүлдөрүнүн, байкоочулардын көз алдында болгудай түрдө жабдылууга тийиш.

5. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу шарттарын камсыз кылуу, добуш берүү үчүн жайдын максималдуу мүмкүн болгон жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу максатында тиешелүү шайлоо комиссиясы социалдык өнүктүрүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактын бөлүмдөрү менен бирдикте ден соолугунун

мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын керектөө картасын добуш берүү күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктирбестен түзөт.

Тиешелүү шайлоо комиссиясы керектөө картасын түзүүнүн жыйынтыктары боюнча добуш берүү күнүнө чейин 50 календардык күндөн кечиктирбестен добуш берүү үчүн жайды ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын керектөө картасында көрсөтүлгөн керектөөлөрүнө ылайык келишин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын коомдук уюмдарынын өкүлдөрүн тартуу менен текшерүүнү уюштурат.

Эгерде добуш берүүчү жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын кирүүсү үчүн атайын түзүлүштөр менен жабдылбаса, тиешелүү шайлоо комиссиясы шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу үчүн чараларды көрүү талабын жөнөтөт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, ошондой эле алардын кызмат адамдары аларга шайлоо комиссиялары кайрылган учурда добуш берүү үчүн жайдын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча чараларды токтоосуз көрүүгө милдеттүү. Шайлоо комиссиясынын кайрылуусун аткарбоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жоопкерчиликке алып келет.

6. Добуш берүү үчүн жай ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү шайлоочулардын бул жайга тоскоолдуксуз кирүүсү жана анда добуш берүүсү үчүн керектөөлөрүнө, анын ичинде ыңгайлуу келип-кетүү жана жөө жүрүү жолдорунун, жеке автотранспортун токтотуучу атайын жерлердин, имараттын биринчи кабаттарында добуш берүү үчүн жайлардын жайгаштырылышына же лифттердин, эшиктердин кең улагасынын, пандустардын (пандусту орнотуу мүмкүн болбосо, жардамга чакыруу баскычтары менен жабдылышы), төшөмөлөрдүн, тактилдик көрсөткүчтөрдүн, жетиштүү жарыктандыруунун болушуна, жана мыйзамдарда белгиленген стандарттарга жооп берүүгө тийиш.

Добуш берүү үчүн жайдагы жабдуулар (столдор, добуш берүү үчүн кабиналар жана урналар), ошондой эле маалыматтык такталар жеткиликтүү жана жашыруун добуш берүүнү эске алуу менен жайгаштырылышы керек. Добуш берүү үчүн кабиналар кресло-колясканы пайдаланган шайлоочуларга тоскоолдуксуз кирүүгө мүмкүндүк берген параметрлерге ылайык келиши керек жана оптикалык коррекциялоо каражаттары (лупалар, жарыгы бар

лупа ж.б.), кошумча жарыктандыруу, стул, атайын трафарет менен жабдылууга тийиш.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**30-берене. Шайлоо бюллетени**

1. Добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоочу шайлоо бюллетенин алат, ал өтө жооптуу отчеттук документ болуп саналат. Формасы жана аны сактоо даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат. Шайлоо бюллетендеринин саны катталган шайлоочулардын санынан 0,1 пайыздан ашык болбоого тийиш.

2. Шайлоо бюллетендерин даярдоодо атайын кагаз (жарыкка салганда көрүнүүчү белгилери бар кагаз же түстүү кагаз), же болбосо атайын боек пайдаланылат.

3. Шайлоо бюллетенинин тексти добуш берүү күнүнө чейин 20 календардык күндөн кечиктирилбестен тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет. Шайлоо бюллетенинин тексти анын бир бетинде гана жайгаштырылууга тийиш.

4. Шайлоо бюллетенинде ага шайлоо жүрүп жаткан органдын аталышы, шайлоо округунун аталышы жана номери же бирдиктүү шайлоо округу жөнүндө көрсөтмө камтылууга тийиш.

5. Мажоритардык система боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо бир шайлоо бюллетени даярдалып, аларда талапкерлердин фамилиялары, аты-жөндөрү кошумча көрсөтүлөт.

6. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын пропорционалдуу система боюнча шайлоодо шайлоо бюллетенинде саясий партиялардын аталыштары чүчүкулак менен белгиленген кезекте кошумча көрсөтүлөт.

7. Ушул берененин 5 жана 6-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн талапкерлердин, саясий партиялардын аталыштары жөнүндө маалыматтардын оң жагына бош квадратка жайгаштырылат. Талапкерлердин тизмесинин аягында анын оң жагына бош квадратты жайгаштыруу менен "Баардык талапкерлерге каршы" ("Талапкерлердин баардык тизмелерине каршы") деген сап жайгаштырылат.

8. Шайлоо бюллетендери добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирилбестен мамлекеттик жана расмий тилдерде басылат. Ар бир шайлоо бюллетени аны толтуруунун тартиби жөнүндө түшүндүрмөнү жана бюллетенди даярдоочу менен нускасы жөнүндө маалыматты камтууга тийиш.

Шайлоо участкалары ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын шайлоо бюллетендерин өз алдынча толтуруусу үчүн атайын трафареттер, анын ичинде Брайлдин шрифти колдонулган бюллетендер менен жабдылат.

9. Басмакана жараксыздарын алып салгандан кийин шайлоо бюллетендерин Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө акт боюнча өткөрүп берет. Шайлоо бюллетендерин Борбордук шайлоо комиссиясынын кеминде 3 мүчөсүнүн, басмакананын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен өткөрүп бергенден кийин жараксыз жана ашык шайлоо бюллетендери жок кылынат, бул жөнүндө акт түзүлөт, ага катышкан адамдардын бардыгынын колу коюлат.

10. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоо бюллетендерин аймактык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн кеминде жарымынын катышуусунда аймактык шайлоо комиссияларына акт боюнча өткөрүп берет. Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүдө катышууга укуктуу.

11. Аймактык шайлоо комиссиялары шайлоо бюллетендерин участкалык шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн кеминде 3өөнүн катышуусунда участкалык шайлоо комиссияларына акт боюнча өткөрүп берет. Талапкерлердин, саясий партиялардын, коммерциялык эмес уюмдардын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүгө катышууга укуктуу.

12. Шайлоо бюллетендерин өткөрүп берүүнүн тууралыгы үчүн жоопкерчиликти тиешелүү шайлоо комиссияларынын төрагалары тартат.

13. Шайлоо бюллетендерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссияларына өткөрүп берүү добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күн калганда, кайра добуш берген учурда - добуш берүү күнүнө чейин 5 календардык күн калганда, ал эми участкалык шайлоо комиссияларына - добуш берүү күнүнө чейин 2 календардык күн калганда жүзөгө ашырылат. Участкалык шайлоо комиссияларына өткөрүлүп берилүүчү шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо участкасы боюнча шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочулардын санынын 0,1 пайызынан ашышы мүмкүн эмес.

Шайлоо бюллетендерине участкалык шайлоо комиссиясынын тиешелүү мөөрүн коюу менен участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы кол коёт.

14. Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлер, талапкерлердин тизмеси чыгып кеткен учурда, участкалык шайлоо комиссиялары тиешелүү талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндөгү шайлоо бюллетендериндеги маалыматтарды чийип салат. Чийип салуу талапкер, саясий партия, жөнүндө бардык маалыматтар жазылган саптар боюнча шарик калеми менен гана түз сызык түрүндө жүргүзүлөт. Мында чийүү сызыгы талапкер, саясий партия жөнүндө маалымат жазылган саптын каршысындагы бош квадратты камтууга тийиш.

15. Шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмеси жана башка шайлоо документтери, тиешелүү шайлоо комиссиясынын мөөрү сакталып турган атайын сейф (шкаф) болгон жай мөөр басып бекитилет жана ички иштер органдарына кайтарууга тапшырылат. Мында добуш берүү күнү сейф (шкаф) добуш берүү жүзөгө ашырылып жаткан шайлоо участогундагы жайдын ичинде болууга тийиш.

16. Басмакананын, шайлоо комиссиясынын жайларынан шайлоо бюллетендерин алып чыгууга, ушул Мыйзамдын 33-беренесинде каралган учурларды албаганда, ошондой эле шайлоо бюллетендерин көчүрмөлөөгө жана таратууга тыюу салынат.

*(КР 2012-жылдын 12-октябрындагы № 172, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**31-берене. Добуш берүү тартиби**

1. Шайлоо күнү добуш берүү саат 8ден саат 20га чейин жүргүзүлөт. Добуш берүү убактысы жана орду жөнүндө шайлоо комиссиялары жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же башкача ыкма менен добуш берүү күнүнө чейин 10 календардык күндөн кечиктирбестен, кайра добуш берүүдө добуш берүү күнүнө чейин 7 календардык күндөн кечиктирбестен шайлоочуларга кабарлоого милдеттүү.

2. Шайлоо күнү эртең мененки саат 7де участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүүчү жайдагы өз жыйналышында, чүчүкулак аркылуу төмөнкү иштерди аткаруучу комиссия мүчөлөрүн аныктайт, алар:

1) оператор менен биргелешип шайлоочулардын электрондук тизмесинде жарандарды идентификациялоону жүргүзөт;

2) жарандарды шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттоону жүзөгө ашырат;

3) шайлоо бюллетендерин берет;

4) шайлоочулардын жашыруун добуш берүү кабиналарына киришин, шайлоо бюллетендерин добуш берүү ящиктерине салышын контролдоону жүзөгө ашырат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын автоматтык түрдө эсептөөчү урналарды тейлөөчү мүчөсү чүчүкулакка катышпайт.

3. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусунда ушул участкадагы шайлоочулардын тизмеси, шайлоо бюллетендери жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү, ошондой эле жайдан сырткары добуш берүүнүн натыйжалары боюнча документтер салынган, мөөр басылып бекитилген сейфти ачат, сейфтен шайлоочулардын кагаздагы тизмесин, шайлоочулардын электрондук тизмеси менен башка зарыл жабдууну алып чыгат, тизмеге киргизилген шайлоочулардын санын жарыялайт, андан кийин аны добуш берүү күнү шайлоочуларды каттоо жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесин толтуруу үчүн жооптуу участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө таратып берет.

4. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып отурган байкоочуларга, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө автоматтык эсептөөчү урнанын бош топтогучтарын кароо үчүн көрсөтөт. Андан кийин урнанын топтогучу менен капкагы номерлүү чаптама пломбалар менен пломбаланат, андан соң участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы шайлоо участкасынын номери, урналарга контролдук барактардын салынуу убактысы, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын жана башка мүчөлөрүнүн, саясий партиялардын катышып отурган өкүлдөрүнүн, байкоочулардын фамилиялары көрсөтүлгөн контролдук барактарды салат, андан кийин пломбаланган урна оптикалык сканер менен пломбаланат.

Автоматтык эсептөөчү урналар карама-каршы эки тарабынан пломбаланат.

Туруктуу орнотулган ящиктер пайдаланылган учурда шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн бош ящиктерди ушул бөлүктүн биринчи абзацында көрсөтүлгөн адамдарга көрсөтөт. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн ящиктерге контролдук барактарды салат, аларда шайлоо округунун аталышы, шайлоо участкасынын номуру, добуш берүү үчүн ящиктерге контролдук барактар салынган убакыт, участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын, катчысынын

жана башка мүчөлөрүнүн, катышып отурган талапкерлердин, алардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн фамилиялары көрсөтүлөт. Контролдук барактарга ушул адамдар кол коюшат жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт, андан кийин добуш берүү үчүн ящиктер участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү басылып бекитилет (пломбаланат).

5. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин санын жарыя кылат. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн жана байкоочулардын катышуусу менен шайлоо бюллетендерин кайрадан санап чыгат жана алардын санын жарыя кылат, андан соң участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы буга катышкан адамдарга аларды карап көрүүнү сунуш кылат жана участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жогору турган шайлоо комиссиясынан алынган шайлоо бюллетендеринин санын добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндөгү протоколдун 2-сабына жана анын чоңойтулган формасына жазат.

6. Шайлоо бюллетендерин кайра санап чыккандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө 50-100дөн шайлоо бюллетенин таратып берет, алар алгандыгы жөнүндө кол коет жана шайлоо бюллетендеринин берилиши үчүн жооп беришет.

7. Добуш берүү үчүн жайда участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү операторлор менен бирдикте шайлоочунун биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча аны идентификациялоону жүргүзөт.

Шайлоочуну анын биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча идентификациялоо үчүн шайлоочунун макулдугу талап кылынбайт.

Мында талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө жана байкоочуларга көрүнө турган жерге илинген монитордо төмөнкү маалыматтар жазылып чыгат:

1) ушул шайлоо участогундагы шайлоочулардын тизмесине киргизилген жарандардын жалпы саны;

2) ушул шайлоо участогунда ошол учурга карата идентификациялоодон өткөн жана идентификациялоодон өткөндүгү жөнүндө чек алган шайлоочулардын жалпы саны;

3) идентификациялоодон өтүүчү шайлоочунун сүрөтү;

4) жабдуунун техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган менен бирдикте аныкталган башка маалыматтар.

Шайлоочу идентификациялангандан кийин чек басылып чыгат. Шайлоочу чекти участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсүнө көрсөтөт, ал чектин ордуна добуш берүү үчүн бюллетень берет.

Шайлоо бюллетендеринин санына негизделген, автоматтык эсептөөчү урна тарабынан саналган жана анын мониторунда чагылдырылган добуш бергендердин саны тууралуу маалымат участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан актыга киргизилет жана аймактык шайлоо комиссиясына ар бир 2 саатта берилип турат. Аймактык шайлоо комиссиясынын системалык администратору алынган маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына киргизет жана автоматтык түрдө жарыялайт. Шайлоо бюллетендеринин санына негизделген, автоматтык эсептөөчү урна тарабынан саналган жана анын мониторунда чагылдырылган добуш берген шайлоочулардын саны жөнүндө акыркы маалымат шайлоо участкалары жабылгандан кийин дароо, бирок бюллетендери бар урналардын ачканга чейин Борбордук шайлоо комиссиясына өткөрүлүп берилет.

8. Шайлоо бюллетендерин берүүдө чүчүкулак менен аныкталган участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочуну шайлоочулардын кагаздагы тизмесине каттайт. Шайлоочу бюллетенди алгандыгы жөнүндө ага кол коёт.

9. Ар бир шайлоочу жеке өзү добуш берет, башка шайлоочулар үчүн добуш берүүгө жол берилбейт.

10. Шайлоо бюллетендери шайлоочулардын тизмесине киргизилген шайлоочуларга шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документти жана чекти көрсөткөндүгү боюнча берилет.

11. Добуш берүү үчүн шайлоо бюллетенин алганда шайлоочулардын кагаздагы тизмесине шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин сериясы жана номери жазылат. Шайлоочу туура жазылышын текшерет жана шайлоочулардын кагаздагы тизмесине кол коет. Бир нече шайлоо бюллетендери боюнча бир убакта добуш берүү өткөрүлгөн учурда шайлоочу ар бир шайлоо бюллетени үчүн кол коет.

12. Шайлоо бюллетени шайлоочу тарабынан атайын жабдылган кабинада же башка адамдын болушуна жол берилбеген атайын жабдылган жайда толтурулат. Атайын жабдылган кабина же атайын жабдылган бөлөк жай шайлоо бюллетенин толтурууда добуш берүүчүнүн эрк-ниетин билдирүүнүн жашыруундуулугун жана добуш берүүчүнүн аракеттерине шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн

жана байкоочулардын көзөмөлүн камсыз кылууну эске алуу менен даярдалууга же орнотулууга тийиш.

13. Пропорциялуу система боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоодо шайлоочу саясий партияга тиешелүү квадратка өзү тандагандын пайдасына же болбосо "Баардыгына каршы" деген орунга тиешелүү белги коет.

Мажоритардык система боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоодо шайлоочу шайлоо бюллетенининин алардын пайдасына тандалган талапкерлерге тиешелүү квадраттарына же болбосо "Баардыгына каршы" деген квадратка тиешелүү белги коет. Шайлоочу добуш берүүчү талапкерлердин саны шайлоо округу боюнча мандаттардын санынан ашпоого тийиш.

14. Эгерде шайлоочу шайлоо бюллетенин толтурууда ката кетирип алдым деп эсептесе, ал шайлоо бюллетенин берген участкалык шайлоо комиссиясынын бюллетень берген мүчөсүнө бузулган шайлоо бюллетенининин ордуна жаңысын берүү өтүнүчү менен кайрылууга укуктуу. Шайлоо комиссиясынын мүчөсү шайлоочулардын тизмесинде бул шайлоочунун фамилиясынын тушуна тиешелүү белги коюу менен жаңы шайлоо бюллетенин берет. Бузулган шайлоо бюллетени керектен чыгарылып, ал жөнүндө акт түзүлөт.

15. Шайлоо бюллетенин алгандыгы тууралуу өз алдынча кол коюуга жана шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүнчүлүгү болбогон шайлоочу ал үчүн шайлоо комиссиясынын мүчөсү, талапкер, талапкердин, саясий партиянын өкүлү, байкоочу болуп саналбаган башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу. Бул учурда шайлоочу башка адамдын жардамынан пайдалануу жөнүндө өз ниетин участкалык шайлоо комиссиясына оозеки кабарлайт.

Шайлоо бюллетенин алгандыгы үчүн өз алдынча кол коюуга, шайлоо бюллетенин толтурууга мүмкүндүгү жок шайлоочунун өтүнүчү боюнча дайындалган адам шайлоочунун эркин билдирүүсүнө толук ылайык келген аракеттерди жасоого милдеттүү.

16. Толтурулган шайлоо бюллетендери мөөр басылган (пломбаланган) тиешелүү автоматтык эсептөөчү урналарга шайлоочулар тарабынан салынат. Шайлоо бюллетенин добуш берүү үчүн жайдан алып чыгууга тыюу салынат.

17. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайдагы тартипке көз салат. Добуш берүү үчүн жайда коомдук тартип бузулган учурда участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайда коомдук тартипти камсыз кылуу максатында укук коргоо органдарынын кызматкерлерине жардамга кайрылууга укуктуу, тартипке салгандан кийин алар добуш берүү үчүн жайдан

чыгып кетүүгө тийиш. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын өз ыйгарым укуктарынын чектеринде берилген, шайлоо процессинин катышуучуларынын укуктарын бузбаган тескемелери добуш берүү үчүн жайындагы катышуучулардын баары үчүн милдеттүү болот. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жок болгондо анын ыйгарым укуктарын участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы же шайлоо комиссиясы тарабынан ыйгарым укук берилген бул комиссиянын башка мүчөсү аткарат.

18. Эгерде алар шайлоо комиссиясынын ишине же болбосо Кыргыз Республикасынын жараны өз шайлоо укуктарын жүзөгө ашыруусуна тоскоолдук кылууга, ошондой эле добуш берүүнүн жашыруундуулугун бузууга аракет кылса, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү анын ишине катышуудан токтоосуз четтетилет, ал эми байкоочу же башка адамдар добуш берүү үчүн жайдан тышка чыгарылат. Бул жөнүндө чечим участкалык шайлоо комиссиясы тарабынан жазуу жүзүндө кабыл алат. Мында комиссия бул адамдарды Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сунуш менен тиешелүү органдарга кайрылууга укуктуу.

19. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер менен ишканалар, ошондой эле алардын кызмат адамдары добуш берүү күнүндө коомдук коопсуздукту, коомдук транспорттун, байланыш каражаттарынын үзгүлтүксүз иштешин, добуш берүү үчүн жайларда электр жарыгы жана жылуулук болушун камсыз кылууга милдеттүү.

20. Шайлоо күнү автоматтык эсептөөчү урна бузулган учурда, эгер кароонун жыйынтыгы боюнча автоматтык эсептөөчү урна калыбына келтирилиши мүмкүн болбосо, добуш берүү запастык автоматтык эсептөөчү урнаны пайдалануунун негизинде жүзөгө ашырылат. Мында участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага участкалык шайлоо комиссиянын катышып отурган бардык мүчөлөрү жана операторлор кол коюшат.

Запастык автоматтык эсептөөчү урна бузулган учурда, добуш берүү туруктуу орнотулган ящикти пайдалануунун негизинде жүзөгө ашырылат. Мында участкалык шайлоо комиссиясы акт түзөт, ага участкалык комиссиянын катышып отурган бардык мүчөлөрү жана операторлор кол коюшат.

Автоматтык эсептөөчү урналардын бузулуусунун натыйжасында алмаштырылган иштөө жөндөмү калыбына келтирилген учурда, добуш берүү аяктагандан кийин автоматтык эсептөөчү урналардын жыйынтыктоочу отчетун түзүү үчүн аларды пайдаланууга жол берилет. Мында акт түзүлүп, катышып отурган бардык участкалык

комиссиянын мүчөлөрү, операторлор, байкоочулар, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү тарабынан ага кол коюлат.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**32-берене. Мөөнөтүнөн мурда добуш берүү тартиби**

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

**32-1-берене. Аралыктан, электрондук добуш берүү**

1. Шайлоо өткөрүүдө аралыктан, электрондук добуш берүү колдонулушу мүмкүн. Аралыктан, электрондук добуш берүүнү өткөрүү жөнүндө чечим шайлоону дайындоодо кабыл алынат.

2. Аралыктан, электрондук добуш берүү шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок туруктуу катталган жери боюнча шайлоо участкасында добуш берүү мүмкүндүгү болбогон жана аралыктан, электрондук добуш берүүгө катышуу жөнүндө арыз берген жарандардын активдүү шайлоо укугун ишке ашырууну камсыздоо үчүн багытталган.

3. Аралыктан, электрондук добуш берүүнү өткөрүүдө активдүү шайлоо укугун ишке ашыруу жана шайлоочулардын өз эрк-ниетин билдирүүнүн сакталышына жана добуш берүүнүн купуялуулугунун сакталышына кепилдикти эске алуу менен аралыктан, электрондук добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө маалыматтарды түзүү мүмкүндүгү камсыз кылынат.

4. Аралыктан, электрондук добуш берүүгө катышуу үчүн шайлоочу биометриялык идентификациядан өтүү менен же болбосо мыйзамдарда белгиленген тартипте мамлекеттик порталдагы "Шайлоочунун кабинети" сервиси аркылуу авторлоштуруудан өтүү менен, добуш берүү күнүнө чейин 15 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына аралыктан, электрондук формада добуш берүү ниети жөнүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.

Аралыктан, электрондук добуш берүүгө катышуучулардын тизмесине киргизилген шайлоочу электрондук добуш берүү форматы боюнча гана добуш берүүгө укуктуу.

5. Аралыктан, электрондук добуш берүү тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилет.

*(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**33-берене. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнүн тартиби**

1. Шайлоочулардын тизмесине киргизилген, бирок ден соолугунун абалы же майыптыгы боюнча добуш берүү үчүн шайлоо участкасына келе албаган шайлоочулар; добуш берүү күнү ооруканаларда, шектүүлөр жана айыпталуучулар кармалган жайларда камалып турган шайлоочулар; алыскы жана жетүүгө кыйын райондордо жайгашкан жерлерде, мал чарбасынын алыскы участкаларында убактылуу жашаган шайлоочулар; ошондой эле өзгөчө учурларда тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын чечим боюнча калктуу конуштардан алыс обочолонгон жерлерде жайгашкан аскер бөлүктөрүндө шайлоо күнү кызмат өтөп жаткан аскер кызматчылары, шайлоо күнү кызмат өтөп жаткан ички иштер органдарынын кызматкерлери, эгер алар шайлоо участкасынын аймагында туруктуу жашаса, ага өзүнүн жайгашкан жери боюнча алардын убактылуу турган жери кирет; иштин үзгүлтүксүз цикли менен ишканаларда иштеген шайлоочулар; вахта ыкмасы менен иштеген шайлоочулар, эгерде шайлоо өткөрүлүп жаткан шайлоо участкасы алар турган аймакта жайгашкан болсо, добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш беришет. Участкалык шайлоо комиссиялары мындай шайлоочуларга добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүү күнүнө бир календардык күн калганда добуш берүү мүмкүндүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

2. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү шайлоо күнүнө чейин бир календардык күн калганда саат 8ден 20.00гө чейинки мезгилде гана жана шайлоочунун добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү мүмкүнчүлүгүн түзүү жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылуусунун негизинде гана жүргүзүлөт. Шайлоочунун арызы участкалык шайлоо комиссиясы түзүлгөндөн кийин ар кандай учурда, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирилбестен жасалышы мүмкүн. Участкалык шайлоо комиссиясы берилген баардык арыздарды атайын реестрде каттайт. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүгө мүмкүнчүлүк түзүү жөнүндө арызда шайлоочу добуш берүү үчүн жайга келе албай тургандыгынын себеби жана шайлоочу жөнүндө маалыматтар көрсөтүлүүгө тийиш.

3. Участкалык шайлоо комиссиясында добуш берүү үчүн көчмө ящиктер зарыл санда, бирок үчтөн ашык эмес болууга тийиш. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнү участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү оператор менен бирдикте жүргүзүп, алар зарыл болгон сандагы шайлоо бюллетендерин, ошондой эле алдын ала мөөр басылган (пломба коюлган) көчмө

ящиктерди кол коюп алышат. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүү талапкерлердин. саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын катышуусу менен жүргүзүлөт.

4. Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн жыйналышында добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берүүнү уюштура турган комиссиянын мүчөлөрүн чүчүкулак менен аныктайт (участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн экиден кем эмеси менен). Участкалык шайлоо комиссиясы чүчүкулак өткөрүү убактысы жана орду жөнүндө талапкерлерге, саясий партияларга, коомдук байкоочуларга маалымдоого милдеттүү.

Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү күнүнө чейин 2 күн калганда өзүнүн участогунда добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүү мүмкүнчүлүгүн берүү тууралуу жазуу жүзүндө арыз берген шайлоочулардын реестрин илип коюуга милдеттүү.

5. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө, ошондой эле катышып жаткан, талапкерлерге, байкоочуларга, талапкерлердин, шайлоочулардын топторунун, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кароо үчүн жайдан тышкары добуш берүү үчүн бош көчмө ящиктерди көрсөтөт, алар участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, катышып жаткан талапкерлер, талапкерлердин, талапкерлерди көрсөткөн шайлоочулардын топторунун, саясий партиялардын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар тарабынан кол коюлган, А4 форматындагы мөөр басылган барак менен бекитилет (пломбаланат) жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырасталат. Андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы бекитилген добуш берүү үчүн ящиктерге контролдук барактарды салат, аларда шайлоо участкасынын номери, контролдук барактарды добуш берүү үчүн ящиктерге салуунун убактысы, төраганын, катчынын жана участкалык шайлоо комиссиясынын башка мүчөлөрүнүн, катышып жаткан талапкерлердин, талапкерлердин, талапкерлерди көрсөткөн шайлоочулардын топторунун, саясий партиялардын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын өкүлдөрүнүн фамилиялары көрсөтүлөт. Контролдук барактарга ошол адамдар тарабынан кол коюлат жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырасталат.

6. Шайлоочуга келгенден кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү оператор менен бирдикте шайлоочунун

биометрикалык жана (же) жекече маалыматтары боюнча аны идентификациялоону жүргүзөт, андан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү ага чектин ордуна шайлоо бюллетенин берет. Шайлоо бюллетенин бергенде шайлоочулардын кагаздагы тизмесине шайлоочунун инсандыгын ырастоочу документтин сериясы жана номери жазылат. Шайлоочу жүргүзүлгөн жазуунун тууралыгын текшерет жана добуш берүү жайынан тышкары жерде аларга добуш берүү мүмкүндүгүн берүү жөнүндө жазуу жүзүндө арыз берген шайлоочулардын реестринин негизинде түзүлүүчү, добуш берүү жайынан тышкары жерде добуш берүүчү шайлоочулардын тизмесине кол коёт.

7. Шайлоочу ал жерде башка адамдардын катышуусуна жол берилбеген атайын орунда шайлоо бюллетенин толтурат. Атайын орун шайлоо бюллетенин толтуруп жаткан учурда добуш берүүчүнүн эрк-ниетинин билдирүүсүнүн жашыруундуулугун жана добуш берүүчүнүн аракеттерине шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн жана байкоочулардын контролун камсыз кылууну эске алуу менен тандалууга тийиш.

Эгерде шайлоочу ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелгендигинин кесепетинен же ден соолугунун абалы боюнча шайлоо бюллетендерин алууда өз алдынча кол кое албаса же шайлоо бюллетенин толтура албаса, ал ушул Мыйзамдын 31-беренесинин 15-бөлүгүндө каралган тартипте башка шайлоочунун жардамынан пайдаланууга укуктуу.

8. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш берген шайлоочунун паспортунун номери менен сериясы шайлоочулардын тизмесине киргизилет жана бир эле мезгилде шайлоочулар тизмесинин тиешелүү графасына "Добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берди" деген жазуу жазылат.

9. Жайдан тышкары добуш берүүнүн аякташы боюнча добуш берүү үчүн көчмө ящиктердин көзөнөктөрү участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы, катчысы жана башка мүчөлөрү, катышып жаткан талапкерлер, талапкерлердин, талапкерлерди көрсөткөн шайлоочулардын топторунун, саясий партиялардын, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар тарабынан кол коюлган, А4 форматындагы мөөр басылган барак менен бекитилет (пломбаланат) жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырасталат. Көчмө ящиктер сейфте (шкафта) сакталат, ал мөөр басылып кошумча бекитилет (пломбаланат).

10. Добуш берүү үчүн жайдан тышкары добуш беришкен шайлоочулардын добуштарын эсептөө добуш берүү үчүн жайда

добуш берүүнүн аякташы боюнча ушул Мыйзам менен аныкталган тартипте жана шарттарда жүргүзүлөт.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**34-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу жана шайлоонун натыйжаларын аныктоо боюнча шайлоо комиссияларынын ыйгарым укуктары**

1. Участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү шайлоо участкасында добуштарды эсептейт, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

2. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун негизинде тиешелүү аймак боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун натыйжаларын аныктайт.

3. Борбордук шайлоо комиссиясы аймактык шайлоо комиссияларынын тиешелүү аймакта жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоонун жыйынтыктарын аныктоо жөнүндө чечимдерин бекитет жана аларды жалпыга маалымдоо каражаттарында расмий жарыялайт.

*(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**35-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссиясынын протоколу**

1. Участкалык шайлоо комиссиясы тиешелүү шайлоо участкаларындагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт.

2. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол так отчеттуулуктагы документ болуп саналат, анын корголуу формасы жана даражасы Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорду участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан толтуруунун тартиби Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленет.

**36-берене. Участкалык шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби**

1. Добуш берүү убактысы аяктагандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн жайда турган

шайлоочулар гана шайлоо бюллетендерин алып жана добуш бере ала тургандыгы жөнүндө жарыялайт.

2. Шайлоочулардын добуштарын эсептөө участкалык шайлоо комиссияларынын жыйналышында анын мүчөлөрү тарабынан гана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдо жана анын чоңойтулган формасында (шайлоо комиссиясы тарабынан белгиленген орунга илинип коюлат) шайлоо бюллетендерин жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө боюнча аткарылуучу аракеттердин бардык натыйжалары жөнүндө ыраattуу жарыялануу жана тиешелүү түрдө жол-жоболоштуруу менен ачык жана айкын жүзөгө ашырылат.

Добуштарды эсептөө жана добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө процессинде талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү тарабынан фотосүрөткө, киного, видеого тартылуулар жүзөгө ашырылуусу мүмкүн.

3. Шайлоочулардын добуштарын эсептөө шайлоочулардын добуш берүүсү өткөрүлгөн жайда добуш берүү аяктаары менен башталат жана добуш берүүнүн жыйынтыктары белгиленгенге чейин үзгүлтүксүз жүргүзүлөт. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөө жүргүзүлгөн орун ага участкалык шайлоо комиссиясынын бардык мүчөлөрү киргендей болуп жабдылууга тийиш. Мында эсептөө учурунда катышып отурган бардык адамдар үчүн участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн аракеттеринин толук көрүнүп турушу камсыздалуусу зарыл.

Ар кандай деңгээлдердеги шайлоолор айкалыштырылган учурда биринчи кезекте Президентти, андан кийин Жогорку Кеңештин депутаттарын, анан - жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо боюнча добуштарды эсептөө жүзөгө ашырылат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасын жана катчысын албаганда, участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнө добуштарды эсептөө учурунда жазуу буюмдарын пайдаланууга тыюу салынат.

4. Участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоо бюллетендерин берүү үчүн жооптуу мүчөлөрү калган пайдаланылбаган шайлоо бюллетендерин эсептеп чыгат, аларды төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарат (мында катталган талапкерлер, талапкерлердин тизмеси жөнүндө маалыматтардын оң жагында жайгашкан квадраттарды бузууга жол берилбейт) жана аларды ведомость боюнча участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына тапшырат, бул жөнүндө акт түзүлөт. Участкалык шайлоо комиссиясынын сейфинде калган пайдаланылбаган шайлоо

бюллетендери ушундай эле жол менен керектен чыгарылат. Бардык керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери эсептелет жана пакетке таңгакталат, ал участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү жана анын мүчөлөрүнүн койгон колдору менен бекитилет. Пакетке "Керектен чыгарылган шайлоо бюллетендери" деген жазуу жазылат, алардын саны жана шайлоо участогунун номери көрсөтүлөт.

Пайдаланылбаган шайлоо бюллетендеринин санынын суммасы катары аныкталган бардык жокко чыгарылган шайлоо бюллетендеринин жана ката толтурулган (бузулган) катары шайлоочулар тарабынан кайра кайтарылган шайлоо бюллетендеринин саны жарыя кылынуу менен добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколуна жана анын чоңойтулган формасына киргизилет.

5. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөөнүн алдында участкалык шайлоо комиссиясынын шайлоочуларды каттоо үчүн жооптуу мүчөлөрү шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине тиешелүү суммалык маалыматтарды жазууга милдеттүү.

Суммалык маалыматтар киргизилгенден кийин шайлоочулардын тизмесинин ар бир бетине участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөсү тарабынан кол коюулат, ал андан соң аларды жыйынтыктайт жана участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасына берет. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы жана катчысы тизменин акыркы бетине шайлоочулардын тизмесинин бардык беттери боюнча маалыматтардын суммасы катары аныкталуучу жыйынды маалыматтарды жазат, аларды өзү койгон колдору жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырастайт. Шайлоочулардын тизмеси менен ишти жүргүзгөндөн кийин участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы катышып отургандарга аны менен көрүп таанышууну сунуш кылат. Андан кийин шайлоочулардын тизмеси сейфке салынат.

Шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны чектерди саноо жолу менен кошумча текшерилет.

Шайлоочулардын тизмеси менен иш жүргүзүлгөндөн кийин шайлоочуларга берилген шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө акт түзүлөт. Төраганын колу жана участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн актынын көчүрмөсү катышып отурган талапкерге, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө, байкоочуларга берилет, андан кийин маалыматтар чоңойтулган формадагы протоколго киргизилет.

6. Участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүү үчүн көчмө ящиктердеги шайлоо бюллетендерин милдеттүү эсептөөгө киришет.

Участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнү жүргүзгөн мүчөлөрү пломбалардын, мөөрлөрдүн жана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, шайлоо ящиктерине мөөр коюуда катышкан адамдардын койгон колдорунун сакталгандыгын көрсөтөт, добуш берүү үчүн көчмө ящиктерди кезек-кезеги менен ачат, андан соң шайлоо бюллетендери жана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн шайлоо ящиктерин мөөр басып чаптоо учурунда катышкан адамдардын колдору бар контролдук барактарды алып чыгат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы контролдук барактарды көрсөтөт.

Добуш берүү үчүн ар бир көчмө ящикти ачаардын алдында добуш берүү үчүн ушул көчмө ящикти жана берилген чекти пайдалануу менен добуш берген шайлоочулардын саны жарыяланат. Добуш берүү үчүн ар бир көчмө ящиктеги шайлоо бюллетендерин эсептөө өз-өзүнчө жүргүзүлөт.

Эгерде добуш берүү үчүн көчмө ящикте шайлоо бюллетендеринин саны алынган шайлоо бюллетендеринин жана берилген чектердин саны жөнүндө белгиде камтылган шайлоочулардын арыздарынын санынан көп экендиги белгиленсе, добуш берүү үчүн ушул көчмө ящиктеги бардык шайлоо бюллетендери участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен жараксыз деп табылат жана төмөнкү оң бурчун кесүү жолу менен керектен чыгарылат, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго тиркелет жана анда участкалык шайлоо комиссиясынын добуш берүү үчүн жайдан тышкары жерде добуш берүүнү жүргүзүүнү камсыз кылган мүчөлөрүнүн фамилиялары жана аты-жөнү көрсөтүлөт. Бул жараксыз шайлоо бюллетендери өзүнчө таңгакталат жана мөөр басып чапталат, мында пакетте шайлоо участогунун номери көрсөтүлөт жана "Добуш берүү үчүн көчмө ящиктен алынган жараксыз шайлоо бюллетендери" деген жазуу, ящиктин номери жана шайлоо бюллетендеринин саны жазылат.

Добуш берүү үчүн көчмө ящиктен алынган шайлоо бюллетендери добуш берүү үчүн ящиктерге салынат.

7. Шайлоочулардын добуштарын түздөн-түз эсептөөнүн алдында участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы автоматтык эсептөөчү урналар боюнча добуш берүүнүн алдын ала жыйынтыктарын жарыялайт, бул жөнүндө өзүнчө акт түзүлөт, ал добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протоколго тиркелет жана участкалык шайлоо комиссиясынын катышкан мүчөлөрүнө,

саясий партиялардын талапкерлеринин өкүлдөрүнө, байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө жарыя кылынат.

Автоматтык эсептөөчү урналар добуш берүүнүн бүткүл мезгилинде добуш берүүнүн купуялуулугунун ачылышына жол бербөөгө жана зымдуу жана зымсыз тарамдарга туташтырылбоого тийиш. Автоматтык эсептөөчү урналардан добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө маалыматтарды алуу участкалык шайлоо комиссиясынын чечими боюнча шайлоо күнү саат 20дан кийин жүзөгө ашырылат.

Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуш берүү үчүн ящиктерде шайлоо бюллетендерин саноонун башталганы жөнүндө жарыялайт, мөөрдүн (пломбанын) бузулбаганын көрсөтөт жана шайлоо участогунда добуш берүү үчүн ящиктерди ачат. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо бюллетендерин жана участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн, добуш берүү үчүн ящикке мөөр басууга катышкан башка адамдардын колдору коюлган контролдук барактарды алып чыгышат. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы контролдук баракты көрсөтөт.

Шайлоо бюллетендери добуш берүү үчүн ящиктерден алып чыгылгандан кийин эсептелет жана жыйынтыктары добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго жазылат.

Добуш берүү үчүн ящиктерден алып чыгылган шайлоо бюллетендеринин саны шайлоо участогунда шайлоочуларга берилген бюллетендердин санына дал келүүсү же болбосо андан аз болууга тийиш. Эгерде добуш берүү үчүн ящикте шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынан көп болсо, анда участкалык шайлоо комиссиясы себептерин табуу жана четтетүү боюнча чараларды көрөт.

Эгерде себептери табылгандан жана четтетилгенден кийин добуш берүү үчүн ящиктеги шайлоо бюллетендеринин саны шайлоочуларга берилген бюллетендердин санынан көп болсо, добуш берүү үчүн ящиктеги бардык шайлоо бюллетендери участкалык шайлоо комиссиясынын чечими менен жараксыз деп таанылат жана төмөнкү жаккы оң бурчун кесүү жолу менен жокко чыгарылат.

8. Участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү добуш берүү үчүн көчмө жана туруктуу орнотулган ящиктерден алынып чыккан шайлоо бюллетендерин талапкерлердин, талапкерлердин тизмесинин ар бири үчүн, "Баардык талапкерлерге каршы", "Талапкерлердин тизмесинин баардыгына каршы" позициялары боюнча берилген добуштар боюнча шайлоо бюллетендерин сорттойт, ошол эле учурда белгисиз формадагы шайлоо бюллетендерин жана жараксыз шайлоо бюллетендерин

бөлөт. Шайлоо бюллетендерин сорттоодо участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү шайлоо бюллетендеринде камтылган шайлоочулардын белгилерин жарыя кылат жана шайлоо бюллетендерин көзү менен көрүп контролдоо үчүн эсептөөдө катышып олтургандардын бардыгына көрсөтөт.

9. Сорттолгон шайлоо бюллетендери менен талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү, байкоочулар участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролдугу астында таанышууга укуктуу.

10. Андан соң белгилүү формадагы шайлоо бюллетендери боюнча шайлоочулардын добуштары ар бир талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча жана "Баардыгына каршы" деген позиция боюнча өз-өзүнчө эсептелет. Сорттолгон шайлоо бюллетендерин эсептөө аларды эсептөө учурунда катышып олтурган адамдар ушул же шайлоо бюллетениндеги шайлоочунун белгисин көрө алгыдай түрдө үнүн чыгаруу менен, бир пачкадан экинчисине которуу жолу менен жүзөгө ашырылат. Бир эле учурда ар башка пачкалардагы шайлоо бюллетендерин эсептөөгө жол берилбейт.

11. Жараксыз шайлоо бюллетендери эсептелет жана өзүнчө суммаланат. Шайлоочунун эрк-ниетин билдирүүсүн аныктоо мүмкүн болбогон шайлоо бюллетендери, ошондой эле добуш берүү үчүн көчмө ящиктен алынган жараксыз шайлоо бюллетендери (эгерде добуш берүү үчүн көчмө ящикте шайлоо бюллетендеринин саны алынган шайлоо бюллетендеринин саны жөнүндө белгини камтыган шайлоочулардын арыздарынын санынан ашкандыгынын фактысы орун алган болсо) жараксыз деп эсептелет. Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген коргоо белгилери коюлбаган, участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен ырасталбаган жана башка белгилерди камтыбаган, белгиленбеген формадагы бюллетендер да жараксыздардын санына кирет. Аларда талапкерлердин пайдасына белгилердин саны шайлоо округу боюнча мандаттардын санынан ашып кеткен, ал эми пропорциялуу система боюнча шайлоодо - талапкерлердин тизмесинин пайдасына белгилердин саны бир саптан ашкан шайлоо бюллетендери жараксыз деп эсептелинет.

Шайлоо бюллетенин жараксыз деп табууда шектенүү келип чыккан учурда участкалык шайлоо комиссиясы маселени добуш берүү менен чечет, мында шайлоо бюллетенинин арткы бетинде анын жараксыздыгынын себеби көрсөтүлөт жана бул жазуу участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын жана катчысынын койгон колу менен ырасталат жана комиссиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлөт.

12. Участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы добуштарды эсептөө учурунда бардык катышып отурган адамдарга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн контролу астында шайлоо бюллетендери менен өз көзү менен көрүп таанышууну сунуш кылат. Автоматтык эсептөөчү урнадагы маалыматтар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен эсептөөнүн маалыматтары боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарына дал келбеген учурда талапкердин, саясий партиянын өкүлүнүн же байкоочунун добуштарды кайра эсептөөнү жүргүзүү талабы боюнча шайлоо бюллетендери талапкердин, саясий партиянын өкүлдөрүнүн же байкоочунун түздөн-түз катышуусунда жана алардын көрүп туруп контролдоо мүмкүнчүлүгүн түзүү менен кайра эсептелет. Мында шайлоо бюллетендери үн чыгарып эсептелет.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары добуштарды кол менен эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча белгиленет.

13. Андан кийин добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго киргизилген маалыматтардын контролдук өз ара катыштарын текшерүү жүргүзүлөт.

14. Добуштарды эсептөө жүргүзүлгөндөн кийин участкалык шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтык жыйналыш өткөрөт, анда добуш берүү жана шайлоочулардын добуштарын эсептөө учурундагы эреже бузуулар жөнүндө келип түшкөн даттануулар (арыздар) каралат, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечимдер кабыл алынат, андан соң участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн даттануулар (арыздар) боюнча участкалык шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимдерге макул болгон арыз ээлери участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коет. Участкалык шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коюу учурунда протоколдун мазмунуна макул болбогон участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзүнүн өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары тууралуу протокол түзүлгөндөн кийин сорттолгон шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, чектер, автоматтык эсептөөчү урналардын алгачкы жана жыйынтык протоколдору, идентификация боюнча алгачкы жана жыйынтык отчеттор өзүнчө пакеттерге таңгакталат, аларда шайлоо участогунун номуру, шайлоо бюллетендеринин, чектердин саны жана шайлоочулардын тизмелеринин аталыштары көрсөтүлөт. Пакеттер мөөр басып чапталат, аларга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кол коет жана өзүнчө мүшөккө же кутучага салынат. Мүшөктө же кутучада шайлоо участогунун номери жана

анын ичиндеги документтердин тизмеси көрсөтүлөт. Мүшөк же кутуча участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн колдорун коюу менен чапталат. Шайлоо бюллетендерин, шайлоочулардын тизмесин, чектерди, автоматтык түрдө эсептөөчү урналардын алгачкы жана жыйынтык протоколдору, идентификация боюнча алгачкы жана жыйынтык отчетторду таңгактоо, ошондой эле аларды мүшөккө же кутучага салуу талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын катышуусу менен жүзөгө ашырылат, аларга да мүшөккө же кутучага өз колдорун коюу мүмкүнчүлүгү берилет. Пакет, мүшөк же кутуча жогору турган шайлоо комиссиясынын же соттун чечими боюнча гана ачылышы мүмкүн.

15. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол Борбордук шайлоо комиссиясы бекиткен формада эки нускада түзүлөт жана ага участкалык шайлоо комиссиясынын бардык катышып олтурган мүчөлөрү кол коет. Протоколдорго тиешелүү участкадагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жыйынды таблица, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири, ошондой эле келип түшкөн даттануулар (арыздар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тиркелет.

16. Добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин участкалык шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктарын токтоосуз түрдө талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, байкоочулардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын катышып олтурган бардык өкүлдөрүнүн алдында угуза окуйт.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары угуза окулгандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол, шайлоочуларды идентификациялоо жөнүндө баштапкы, жыйынтыктоочу чектер Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине автоматтык эсептөөчү урналар аркылуу сканерлөө жолу менен жөнөтүлөт.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол жаңылыш толтурулган учурда комиссия тийиштүү акт түзөт, ал да сканерленет жана добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө жаңы толтурулган жана кол коюлган протокол менен чогуу Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине жөнөтүлөт.

Борбордук шайлоо комиссиясынын борбордук серверине келип түшкөн, сканерленген документтер протоколду толтуруунун тууралыгына шайкештиги текшерилгенден кийин Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыяланат.

17. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин анын биринчи нускасын шайлоо документтери,

анын ичинде шайлоо бюллетендери, шайлоочулардын тизмелери, даттануулар (арыздар), алар боюнча кабыл алынган чечимдер, участкалык шайлоо комиссиясы түзгөн актылар, автоматтык эсептөөчү урналардын алгачкы жана жыйынтык протоколдору, идентификация боюнча алгачкы жана жыйынтык отчеттор менен бирге участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасы же участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн бири тарабынан эсептөөгө катышкан талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн коштоосу менен аймактык шайлоо комиссиясына токтоосуз жеткирилет.

18. Протоколдун экинчи нускасы, ошондой эле участкалык шайлоо комиссиясынын мөөрү участкалык шайлоо комиссиясынын катчысында сакталат, ал комиссиянын иши аяктаганга чейин алардын аныктыгы жана сакталышы үчүн мыйзамда белгиленген жоопкерчиликти тартат.

19. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндөгү протоколдун чоңойтулган формасы жалпы элдин таанышуусу үчүн участкалык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинип коюлат жана участкалык шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

20. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуштарды эсептөөдө катышып отурган ар бир адамга добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун мөөр менен ырасталган көчүрмөсүн (ксерокөчүрмөсүн) берүүгө милдеттүү.

Шайлоого катышкан шайлоочулардын тизмеси Борбордук шайлоо комиссиясынын сайтына жарыяланат.

*(КР 2012-жылдын 12-октябрындагы № 172, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**37-берене. Аймактык шайлоо комиссиялары тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн тартиби**

1. Участкалык шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдорунун биринчи нускалары ушул Мыйзамдын 36-беренесинин 17-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шайлоо документтери менен бирге аларга участкалык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү кол койгондон кийин акт боюнча аймактык шайлоо комиссиясына токтоосуз өткөрүп берилет, ал тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат.

2. Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу участкалык шайлоо комиссияларынан түздөн-түз келип түшкөн протоколдордун негизинде аларда камтылган маалыматтарды кошуу жолу менен аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын протоколдорун кабыл алуу жана жыйынтыктарын чыгаруу Борбордук шайлоо комиссиясы белгилеген тартипте жана мөөнөттөрдө жүзөгө ашырылат.

Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдору туура түзүлгөндүгүн алдын ала текшергенден кийин аймактык шайлоо комиссиясы бардык участкалык шайлоо комиссияларынын маалыматтарын кошуу жолу менен тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгарат. Добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аймактык шайлоо комиссиясы жыйынды таблицаны жана протоколду түзөт, ага участкалык шайлоо комиссияларынын саны, келип түшкөн протоколдордун саны жазылат, алардын негизинде добуш берүүнүн жыйынтыктары, ошондой эле участкалык шайлоо комиссияларынын протоколдорунун суммалык маалыматтары жөнүндө протокол түзүлөт.

Тиешелүү аймакта добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюунун алдында шайлоо комиссиясы милдеттүү түрдө жыйынтык жыйналышты өткөрөт, анда комиссияга келип түшкөн добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө жана төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорун түзүү менен байланышкан даттануулар (арыздар) каралат. Шайлоо комиссиясы ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алат, андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү жана келип түшкөн даттануулар (арыздар) боюнча шайлоо комиссиясы кабыл алган чечимге макул болгон арыз ээлери шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коет. Шайлоо комиссиясынын жыйынтык жыйналышынын протоколуна кол коюу учурунда протоколдун мазмунуна макул болбогон шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү ага өзүнүн өзгөчө пикирин тиркөөгө укуктуу, бул жөнүндө протоколго тиешелүү жазуу жазылат. Андан кийин шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү тиешелүү аймактагы шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коет.

3. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол шайлоо комиссиялары тарабынан эки нускада түзүлөт жана аларга шайлоо комиссиясынын катышып олтурган бардык мүчөлөрү кол коет. Протоколго тиешелүү аймактагы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө эки нускада түзүлүүчү жыйынды таблица, шайлоо комиссиясынын мүчөлөрүнүн өзгөчө пикири, ошондой эле келип

түшкөн даттануулар (арыздар) жана алар боюнча кабыл алынган чечимдер тиркелет.

4. Аймактык шайлоо комиссиясынын протоколунун биринчи нускасы кол коюлгандан кийин жыйынды таблицанын биринчи нускасы менен бирге Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтүлөт.

Протоколдун экинчи нускасы бардык шайлоо документтери менен бирге кайтарылуучу жайда алар архивге берилгенге чейин аймактык шайлоо комиссиясынын катчысы тарабынан сакталат.

5. Шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө протоколдун чоңойтулган формасы жалпы элдин таанышуусу үчүн аймактык шайлоо комиссиясы белгилеген жерге илинип коюлат жана шайлоо комиссиясынын иши аяктаганга чейин сакталат.

6. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдордо жана (же) жыйынды таблицаларда каталар, ылайык келбөөлөр табылганда же участкалык шайлоо комиссияларынан түшкөн протоколдордун түзүлүшүнүн тууралыгына күмөн саноо пайда болгондо аймактык шайлоо комиссиясы добуштарды кайтадан эсептөө жүргүзүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Кайталап эсептөө Борбордук шайлоо комиссиясынын мүчөсүнүн (мүчөлөрүнүн) милдеттүү катышуусунда жүргүзүлөт. Добуштарды кайталап эсептөөдө талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрү жана байкоочулар катышууга укуктуу. Шайлоочулардын добуштарын кайталап эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол түзөт, анда "Добуштарды кайталап эсептөө" деген белги коюлат. Протокол Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтүлөт.

7. Добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюлгандан кийин участкалык шайлоо комиссиясынын катчысы добуштарды эсептөөдө катышып отурган ар бир адамга добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколдун мөөр менен ырасталган көчүрмөсүн (ксерокөчүрмөсүн) токтоосуз берүүгө милдеттүү.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**38-берене. Шайлоонун натыйжаларын аныктоо тартиби**

1. Шайлоонун натыйжаларын тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы түздөн-түз участкалык шайлоо комиссияларынан келип түшкөн протоколдордун жана ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн протоколдун негизинде добуш берүү күнүнөн 20 календардык күндөн кечиктирбестен аныктайт.

Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы милдеттүү тартипте жыйынтыктоочу жыйналыш өткөрөт, анда шайлоону даярдоонун жана өткөрүүнүн жүрүшүндөгү эреже бузуулар жөнүндө келип түшкөн бардык даттанууларды (арыздарды) карайт, ар бир даттануу (арыз) боюнча чечим кабыл алат.

2. Шайлоонун натыйжалары жөнүндө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы протокол түзөт, ага шайлоонун натыйжалары алардын негизинде аныкталуучу келип түшкөн протоколдордун маалыматтары, түздөн-түз төмөн турган (участкалык) шайлоо комиссияларынын саны жөнүндө маалыматтар, ошондой эле ушул Мыйзамдын 37-беренесинин 3-бөлүгүндө көрсөтүлгөн төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколдорунун суммалык маалыматтары боюнча жыйынды таблица киргизилет.

3. Шайлоого катышкан шайлоочулардын саны шайлоо бюллетендерин алуу жөнүндө шайлоочулардын койгон колунун саны боюнча аныкталат.

Добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын саны добуш берүү үчүн ящиктерден алынган белгиленген түрдөгү шайлоо бюллетендеринин саны боюнча аныкталат.

4. Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктарын төмөнкү учурларда жараксыз деп табат:

1) эгерде башка талапкерге караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкер үчүн шайлоочулардын берген добуштарынын саны бардык талапкерлерге каршы берилген шайлоочулардын добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт;

2) *(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3) эгерде башка талапкерлердин тизмесине караганда добуштардын көпчүлүк санын алган талапкерлердин тизмесине берген шайлоочулардын добуштарынын саны талапкерлердин бардык тизмесине каршы шайлоочулардын берген добуштарынын санынан аз болсо. Бул учурда шайлоо кайталап жүргүзүлөт.

5. Аймактык шайлоо комиссиясы добуш берүүнүн жыйынтыктарын шайлоо участкасында төмөндөгүлөр боюнча жараксыз деп табат:

1) эгерде добуш берүүнү жүргүзүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын чыгаруу убагында шайлоочулардын добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербесе;

2) эгерде добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында эреже бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир этсе;

3) Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими боюнча;

4) *(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Шайлоо участогунда добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда добуш шайлоонун натыйжалары калган шайлоо участокторундагы добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча аныкталат. Шайлоо участогунда шайлоонун натыйжаларына таасирин тийгизген добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда тиешелүү шайлоо комиссиясы кайра добуш берүү дайындаган күндөн тартып 2 жумалык мөөнөттө ошол шайлоо участогунда кайра добуш берүү жүргүзүлөт.

5-1. Эгерде шайлоону даярдоо, добуш берүүнү өткөрүү, добуштарды эсептөө, добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө убагында талапкер, саясий партия тарабынан добуш берүүнүн жыйынтыктарын так аныктоого мүмкүндүк бербеген же шайлоочулардын эрк-ниетин билдирүүсүнө таасир эткен бузуулар орун алса, аймактык шайлоо комиссиясы талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктарын жараксыз деп таанууга укуктуу. Мында талапкер, талапкерлердин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары бузуунун оордук даражасына, бузуу жасалган аймакка жараша участоктун/участоктордун чегинде же жалпы эле округ боюнча жокко чыгарылышы мүмкүн.

Шайлоо мыйзамдарынын бузулушун аныктоонун натыйжасында добуш берүү күнүнөн кийин талапкер, саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган учурда, талапкерге, саясий партияга берилген шайлоочулардын добуштары шайлоо бюллетендерин жараксыздарга кошуу менен жараксыз деп табылат. Мындай талапкер, саясий партия кийинки шайлоого киргизилбейт. Мында талапкер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн.

Депутаттык мандаттарды бөлүштүрүүнү эсептөөнүн максаттары үчүн алар боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп табылган талапкерге, саясий партиянын талапкерлеринин тизмесине берилген шайлоочулардын добуштары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын катарында эске алынбайт.

6. Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколду түзүүнүн тартибин бузуу менен байланышкан, ар бир талапкер, талапкерлердин тизмеси алган добуштардын санын ишенимдүү аныктоого мүмкүндүк бербеген жоболорду бузуулар шайлоочулардын

добуш берүүсүнүн жыйынтыктарын ишенимдүү белгилөөгө мүмкүндүк бербеген эреже бузуулар деп түшүнүлөт.

Шайлоо участкасында добуш берүүнүн, добуштарды эсептөөнүн же добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөөнүн жүрүшүндө шайлоочулар өз эрк-ниетин билдиришине таасир эткен, добуш берүү күнү үгүт жүргүзүү, жарандар шайлоо укуктарын жүзөгө ашырышына тоскоолдук кылуу, добуш берүүдө байкоо жүргүзүүгө тоскоолдук кылуу, башка шайлоочулар үчүн добуш берүү, шайлоо комиссияларынын ишине кийлигишүү, шайлоочуларды сатып алуу менен байланышкан жоболорду бузуулар шайлоочулардын эрк-ниетине таасир эткен эреже бузуулар деп түшүнүлөт.

7. Аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун жыйынтыктарын төмөнкү учурларда жараксыз деп тааныйт:

1) эгерде добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен ашыгын камтыган шайлоо участкаларынын бөлүгүндөгү добуш берүүнүн жыйынтыктары жараксыз деп таанылса;

2) эгерде талапкер (талапкерлер), саясий партиянын (партиялардын) талапкерлеринин тизмеси боюнча добуш берүүнүн жараксыз деп таанылган жыйынтыктары добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын жалпы санынын үчтөн биринен ашыгын камтыса.

*(КР 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**39-берене. Кайталап шайлоо**

1. Эгерде шайлоо болбой калса, жараксыз деп табылса, добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча талапкер (талапкерлердин тизмеси) шайланбай калса кайталап шайлоо дайындалат. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын кайталап шайлоо Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан шайлоолор болбой калган, жараксыз деп табылган күндөн тартып бир айдын ичинде дайындалат. Талапкерлерди, талапкерлердин тизмелерин көрсөтүү жана каттоо, башка аракеттер, анын ичинде шайлоо боюнча шайлоо аракеттеринин мөөнөтү ушул Мыйзам жана Борбордук шайлоо комиссиясынын ченемдик укуктук актылары менен каралган тартипте жүзөгө ашырылат. Кайталап шайлоону өткөрүү жөнүндө билдирүү кайталап шайлоону дайындоо жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин 7 календардык күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жарыяланат.

2. Шайлануучу кызматтарга талапкерлер тарабынан кайталап шайлоо өткөрүү учурунда шайлоону жараксыз деп табуу үчүн негиз болгон талапкерлер, саясий партиялар кайрадан көрсөтүлүшү мүмкүн эмес.

3. Эгерде мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шайлоо комиссияларынын кызмат адамдарынын чечимдери, аракеттери (аракетсиздиги) добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана (же) шайлоонун натыйжаларын жараксыз деп табышы үчүн негиз болсо, кайталап шайлоолорго катышкан жана кайталап шайлоого катышууну каалагандыгын билдирген талапкерлердин, саясий партиялардын арасында жүргүзүлөт.

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**40-берене. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын жарыялоо**

1. Шайлоо комиссиясынын иши жайылтылган ар бир шайлоо участогу, аймагы боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоо округу боюнча шайлоонун натыйжалары тиешелүү шайлоо комиссиясынын жана түздөн-түз төмөн турган шайлоо комиссияларынын протоколунда камтылган маалыматтардын көлөмүндө шайлоочуларга, талапкерлерге, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнө, байкоочуларга, эл аралык байкоочуларга, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө таанышуу үчүн алардын талабы боюнча берилет.

2. Ар бир шайлоо участогу боюнча добуш берүүнүн жыйынтыктары Борбордук шайлоо комиссиясына келип түшүүсү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына токтоосуз жайгаштырылат. Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтына жайгаштырылган добуш берүүнүн жыйынтыктарынын маалыматтары юридикалык мааниге ээ болбогон алдын-ала маалыматтар болуп саналат.

3. Тиешелүү шайлоо комиссиялары шайлоонун натыйжалары жөнүндө жалпы маалыматтарды Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары бекитилгенден кийин 3 календардык күндүн ичинде жалпыга маалымдоо каражаттарына жиберет.

4. Шайлоонун натыйжаларын, ошондой эле ар бир талапкерлер, талапкерлердин тизмеси алган шайлоочулардын добуштарынын, бардык талапкерлерге, талапкердин бардык тизмелерине каршы берилген добуштардын саны жөнүндө маалыматтарды расмий жарыялоо шайлоонун натыйжалары аныкталган күндөн тартып 10 календардык күндүн ичинде Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 2-глава
## Шайлоо эркиндигинин кепилдиктери

**41-берене. Шайлоо эркиндигин камсыз кылуу боюнча шайлоо комиссияларынын, мамлекеттик органдардын иши**

1. Шайлоого даярдык көрүүдө жана өткөрүүдө шайлоо комиссиялары, прокуратура органдары, ички иштер органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, ушул Мыйзамдын жана башка мыйзамдарынын талаптарынын так сакталышын камсыз кылат.

2. Добуш берүү күнү жана андан мурунку күнү соттор, прокуратура органдары, ички иштер органдары үчүн жумуш күнү болуп саналат. Талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун атайын эсептерин тейлеген банк же башка мекемелер үчүн добуш берүү күнүнөн мурдагы күн жумушчу күн болуп саналат.

3. Ички иштер органдары шайлоо участкасынын аймагында добуш берүүнү өткөрүүдө коомдук тартипти камсыз кылуу боюнча шайлоо комиссиялары талап кылган, ошондой эле коомдук тартип бузулган учурда участкалык шайлоо комиссиясынын төрагасынын чакыруусу боюнча добуш берүү үчүн жайда жардам көрсөтүүгө милдеттүү.

4. Мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын жарандардын шайлоо укуктарын, ушул Мыйзамдын талаптарын бузган чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) прокуратура органдарына, ички иштер органдарына же сотко Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык даттанылышы мүмкүн.

Мында ички иштер органдары жарандардын коомдук тартипти бузууга тиешелүү болгон арыздарын жана даттанууларын, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жоопкерчиликти караган аракеттерди карайт.

Прокуратура органдары шайлоо мыйзамдарынын сакталышына, ошондой эле колдонуудагы мыйзамдарга ылайык административдик жоопкерчиликти караган аракеттерге жалпы көзөмөлдү жүзөгө ашырат.

Шайлоо комиссиялары тарабынан шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө шайлоо комиссияларынын бардык деңгээлдеринде ыкчам чара көрүүчү координациялык топтор түзүлөт, анын курамына укук коргоо органдарынын өкүлдөрү кирет. Ыкчам чара көрүүчү координациялык топтун негизги иш-милдеттери шайлоо

мыйзамдарын бузууга ыкчам чара көрүү жана көрүлүүчү чаралар жөнүндө жарандарды маалымдоо болуп саналат.

Ыкчам чара көрүү координациялык топтун ишинин тартибин Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан аныкталат.

5. Шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар мамлекеттик жана башка органдардын, алардын кызмат адамдарынын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыз же даттануу менен кайрыла алат. Арыз, даттануу жүйөлүү болуп жана алар негизденген далилдер менен бирге берилүүгө тийиш.

6. Шайлоочуларынын, талапкерлердин, саясий партиялардын, шайлоо процессинин башка катышуучуларынын шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздары (даттануулары) прокуратура жана ички иштер органдары тарабынан арыз (даттануу) келип түшкөн учурдан баштап 2 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүүдөн мурунку күнү түшкөндө - токтоосуз каралууга тийиш. Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 3 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Арыз (даттануу) боюнча кабыл алынган чечимдин көчүрмөсүн прокуратура органдары, ички иштер органдары тиешелүү шайлоо комиссиясына токтоосуз жөнөтөт.

7. Арыздарды (даттанууларды) кароодон баш тартылган учурда, прокуратура органдары, ички иштер органдары баш тартуунун негиздерин баяндоо менен чечимдердин көчүрмөсүн берүүгө милдеттүү.

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**42-берене. Шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) даттануу**

1. Шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын алардын кызмат адамдарынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) жогору турган шайлоо комиссиясына, Борбордук шайлоо комиссиясынын чечими жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) сотко даттанылышы мүмкүн.

2. Жарандардын шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздигине) арыздар (даттануулар) менен шайлоочулар, талапкерлер, саясий партиялар, шайлоочулардын топтору,

коммерциялык эмес уюмдар, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрылышы мүмкүн.

3. *(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

4. Арыздарды (даттанууларды), ошондой эле шайлоо укуктарын, шайлоо жөнүндө мыйзамдарды бузуулар жөнүндө маселени кароодо кызыкчылыктары бар тараптарга, жактарга же өкүлдөргө кароонун күнү, убактысы жана орду жөнүндө кабарланат. Көрсөтүлгөн жактар каралып жаткан маселенин маңызы боюнча түшүндүрмөлөрдү берүүгө жана далилдерди келтирүүгө укуктуу.

5. Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган участкалык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) аймактык шайлоо комиссиясына даттанылат.

6. Шайлоо процессинин катышуучуларынын шайлоо укуктарын бузган аймактык шайлоо комиссияларынын, алардын кызмат адамдарынын чечимдерине жана (же) аракеттерине (аракетсиздиктерине) Борбордук шайлоо комиссиясына даттанылат.

7. Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) биринчи инстанциядагы сотко, биринчи инстанциядагы соттун чечими - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат. Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун чечими биротоло болуп саналат жана даттанылууга жатпайт.

8. Арыздар (даттануулар) шайлоо процессинин субъектине анын шайлоо укуктары бузулгандыгы, чечимдер кабыл алынгандыгы, аракеттер (аракетсиздиктер) жасалгандыгы жөнүндө белгилүү болгон учурдан тартып токтоосуз, бирок 3 календардык күндөн кечиктирилбестен берилет.

9. Шайлоого даярдыктын жүрүшүндө келип түшкөн арыздар (даттануулар) келип түшкөн учурдан тартып шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан 3 күндүк мөөнөттө, ал эми добуш берүү күнү же добуш берүү күнүнөн мурунку күнү - токтоосуз каралууга жатат.

Эгерде шайлоону даярдоонун жүрүшүндө келип түшкөн арыздарда (даттанууларда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирбестен кабыл алынат. Чечим кабыл алган органдын кол коюлган жана мөөр менен ырасталган чечими арыз берүүчүгө жазуу жүзүндө токтоосуз тапшырылат.

10. Арыздарды (даттанууларды) кабыл алуунун натыйжалары боюнча кабыл алынган чечимге арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимин даттанган учурда чечим чыккан учурдан тартып 3

календардык күндүн ичинде сотко берилет. Аракетсиздикти даттануу учурунда арыз (даттануу) - жогору турган шайлоо комиссиясына, ал эми Борбордук шайлоо комиссиясынын аракетсиздигине даттанган учурда аракет жасалууга тийиш болгон мөөнөт аяктаган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде сотко берилет.

11. Жогору турган шайлоо комиссиясы төмөн турган шайлоо комиссиясынын чечимин күчүндө калтырат же болбосо аны жокко чыгарат жана даттануунун маңызы боюнча чечим кабыл алат.

12. Арыздын (даттануунун) негиздүүлүгүн белгилеп, сот талашылып жаткан чечимди, аракетти (аракетсиздикти) мыйзамдуу эмес деп табат жана Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгарат же болбосо, эгерде талашылып жаткан чечим, аракет (аракетсиздик) мыйзамдуу болуп саналарын белгилесе, арызды (даттанууну) канааттандыруудан баш тартат.

13. Арыздарды (даттанууларды) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү аяктагандан кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт. Арызды (даттанууну) берүү мөөнөтүнүн өтүшү чечим кабыл алынган күндөн, аракет (аракетсиздик) жасалган күндөн кийинки күнү башталат.

*(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**43-берене. Шайлоо комиссияларынын добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө жөнүндө чечимдерине даттануу**

1. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын жана шайлоонун натыйжаларын белгилөө жөнүндө шайлоо комиссияларынын чечимдерине арыздар (даттануулар) менен талапкерлер, талапкерлерди көрсөткөн саясий партия, ошондой эле талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партия, алардын өкүлдөрү жана байкоочулар кайрыла алат.

2. Добуш берүүнүн жыйынтыктарын белгилөө жөнүндө участкалык шайлоо комиссияларынын чечимдери аймактык шайлоо комиссияларына: аймактык шайлоо комиссияларынын чечимдери - Борбордук шайлоо комиссиясына: Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдери - биринчи инстанциядагы сотко: биринчи инстанциядагы соттун чечими - Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна даттанылат.

3. Арыздар (даттануулар) добуш берүүнүн жыйынтыгы белгиленген же шайлоонун натыйжалары аныкталган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.

4. Келип түшкөн арыздар (даттануулар) шайлоо комиссиялары же соттор тарабынан даттануу келип түшкөн учурдан тартып 3 күндүк мөөнөттө каралууга тийиш. Эгерде арызда (даттанууда) камтылган фактылар кошумча текшерүүнү талап кылса, алар боюнча чечимдер 5 күндүк мөөнөттөн кечиктирилбестен кабыл алынат. Чечим кабыл алган органдын кол коюлган жана мөөрү менен ырасталган чечими арызданууучуга жазуу жүзүндө токтоосуз тапшырылат.

5. Ушул берененин 4-бөлүгүнө ылайык кабыл алынган чечимге арыз (даттануу) чечим кабыл алынган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилет.

6. Ушул Мыйзам, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен каралган учурларда сот Борбордук шайлоо комиссиясынын шайлоонун натыйжаларын аныктоо жөнүндө чечимин жокко чыгарышы мүмкүн.

7. Соттун чечими чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет жана мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коммерциялык эмес уюмдар, кызмат адамдары, шайлоо комиссиялары жана шайлоо процессинин башка катышуучулары тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болот.

Сот тарабынан жүйөөлөштүрүлүп кабыл алынган чечим арызданууучуга, жоопкерге же алардын өкүлдөрүнө, ошондой эле Борбордук шайлоо комиссиясына токтоосуз берилет.

Ушул Мыйзам менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө көзөмөл даттануусун берүү Борбордук шайлоо комиссиясынын чечимдерин же биринчи инстанциядагы соттун чечимдерин аткарууну токтото турат.

8. Биринчи инстанциядагы соттун чечимине даттануу ал чыгарылган учурдан тартып 3 календардык күндүн ичинде берилиши мүмкүн.

9. Райондук (шаардык) соттун мыйзамдуу күчүнө кирген чечими көзөмөл тартибинде Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна келип түшкөн күндөн баштап даттануу берилген күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде каралат. Көзөмөл даттануусу Кыргыз Республикасынын Жогорку сотуна берилип, ал Борбордук шайлоо комиссиясынын өкүлүн милдеттүү тартипте чакырат.

Соттун чечимине көзөмөл даттануусу чечим чыгарган тиешелүү сот аркылуу жүргүзүлөт. Даттанууну көзөмөл инстанциясына түздөн-түз берүү аны кароо үчүн тоскоолдук болуп саналбайт.

Көзөмөл инстанциясынын сотунун токтому ал чыгарылган учурдан тартып мыйзамдуу күчүнө кирет, биротоло болуп саналат жана даттанууга жатпайт.

10. Арыздарды (даттануулардын) берүүнүн мөөнөттөрү калыбына келтирүүгө жатпайт. Көрсөтүлгөн мөөнөттөрү бүткөндөн кийин арыздар (даттануулар) кабыл алынбайт.

Арыздарды (даттанууларды) берүү мөөнөтүнүн өтүшү ушул Мыйзамдын 42-беренесинин 13-бөлүгүнө ылайык жүзөгө ашырылат.

11. Талаштарды кароо менен байланышкан материалдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык сакталууга жатат.

*(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**44-берене. Талапкерди, талапкерлердин тизмесин каттоону жокко чыгаруу, добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгаруу үчүн негиздер**

1. Талапкерди каттоо тиешелүү шайлоо комиссиясы же сот тарабынан талапкер өзүндө пассивдүү шайлоо укугу жок экендиги жөнүндө маалыматтарды жашырып койгондугунун фактысы далилденгенде, анын ичинде талапкерде ушул Мыйзам менен белгиленген тартипте соттолгондугу алып салынбагандыгынын же жоюлбагандыгынын. талапкерге карата соттун айып коюлуучу өкүмү күчүнө киргендигинин, талапкер Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгы же ажырагандыгы жөнүндө, башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы жөнүндө жана колдонуудагы мыйзамдар менен белгиленген башка негиздери болгон учурларда, ошондой эле талапкер каза болгон учурда жокко чыгарылат.

2. Талапкерди каттоо төмөнкүдөй учурларда жокко чыгарылат:

1) талапкер өз талапкерлигин алып салуу жөнүндө арыз бергенде;

2) саясий партия талапкерлердин тизмесинен кээ бир талапкерлерди чыгарганда;

3) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоо учурунда шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары талапкердин шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланса же болбосо талапкер өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды талапкердин шайлоо фондундагы каражаттардын бардык чыгымдарынын эң чоң белгиленген суммасынан 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда;

4) ушул Мыйзамдын 53 жана 60-беренелери менен аныкталган каттоо эрежелери бузулганда;

5) талапкердин, талапкердин өкүлдөрү тарабынан талапкерди шайлоо максатында кызматынын же кызмат абалынын артыкчылыктарын пайдалануу же талапкерди шайлоо максатында кызматынын же кызмат абалынын артыкчылыктарын анын өкүлдөрү пайдаланууга талапкердин тизмеси бар экендигинин фактылары ырасталганда;

6) ушул Мыйзамдын 22-28-беренелери менен каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга талапкердин, анын өкүлүнүн түздөн-түз тиешелүүлүгү бардыгы ырасталганда;

7) талапкер, анын өкүлдөрү, ошондой эле талапкердин жубайы жана (же) жакын туугандары тарабынан шайлоочуларды сатып алынгандыгынын же талапкердин шайлоочуларды сатып алууга тиешелүүлүгү бар экендигинин фактылары ырасталганда.

3. Талапкерлердин тизмесин каттоо төмөнкүдөй учурларда жокко чыгарылат:

1) саясий партия талапкерлердин тизмесин кайра чакыртып алганда жана шайлоого катышуудан баш тартканда;

2) өзүнүн шайлоо өнөктүгүн каржылоодо саясий партия шайлоо фондунун каражаттарынан тышкары саясий партиянын шайлоо фондуна келип түшкөн акча каражаттарынын жалпы суммасынын 0,5 пайыздан ашыгын түзгөн башка акча каражаттарын пайдаланганда же болбосо саясий партия өзүнүн шайлоо фондунун каражаттарынан чыгымдарды саясий партиянын шайлоо фондундагы каражаттардын бардык эң көп белгиленген суммасынан 0,5 пайыздан ашыкча чыгымдаганда;

3) ушул Мыйзам менен аныкталган талапкерлердин тизмеси каттоонун эрежелери бузулганда;

4) саясий партиянын жетекчилиги тарабынан талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында кызматынын же кызматтык абалынын артыкчылыгын пайдалангандыгынын же саясий партиянын өкүлдөрүнүн талапкерлердин тизмесин шайлоо максатында кызматынын же кызматтык абалынын артыкчылыгын пайдаланууга тиешеси бар экендигинин фактылары ырасталганда;

5) аткаруу органдарынын жетекчилигинин же кызматкерлеринин саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ушул Мыйзамдын 22-28-беренелери менен каралган шайлоо алдындагы үгүт жүргүзүү эрежелерин бузууга түздөн-түз тиешелүүлүгүнүн фактылары ырасталганда;

6) саясий партиянын аткаруу органынын жетекчилигинин, кызматкерлеринин же өкүлдөрүнүн шайлоочуларды сатып алуусунун же алардын шайлоочуларды сатып алууга тиешеси бар экендигинин фактылары ырасталганда.

4. Эгерде жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоонун натыйжалары аныкталгандан кийин жана шайланган талапкерге мандат тапшырылганга чейин талапкердин пассивдүү шайлоо укугу жок экендиги жөнүндө маалыматтар, анын ичинде мыйзамда белгиленген тартипте алып салынбаган же жоюлбаган соттолгондугу бар экендиги, ага карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргендиги, Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгы же жарандыгын жоготкондугу, башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы, талап кылынган билим деңгээлинин жоктугу же болбосо билими жөнүндө так эмес маалымат бергендиги жөнүндө маалыматтар ырасталса, ошондой эле ал каза болгон учурда, анда шайланган талапкерди каттоо жокко чыгарылат. Бул учурда мандат ушул Мыйзамдын 52-беренесинде белгиленген тартипте кийинки талапкерге берилет.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын пропорциялык система боюнча шайлоодо бул учурда ушул Мыйзамдын 52-беренесинин талаптарын эске алуу менен ошол саясий партиядан талапкерлердин тизмесинен кийинки шайланган талапкер катталат.

5. Ушул беренеде көрсөтүлгөн талапкерди талапкерлердин тизмесин каттоону, добуш берүүнүн жыйынтыгы жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө шайлоо комиссиясынын чечимдерин жокко чыгаруу үчүн негиздер акыркы болуп саналат.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**45-берене. Жарандардын шайлоо укуктарын бузгандык үчүн жоопкерчилик**

Төмөнкү адамдар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жазык, же болбосо башка жоопкерчилик тартат:

1) Кыргыз Республикасынын жараны тарабынан шайлоо жана шайлануу укугун эркин жүзөгө ашырышына күч колдонуу, алдоо, коркутуу, будамайлоо же башкача жол менен тоскоолдук кылган, же болбосо добуш берүүнүн жашырындуулугун бузган, же болбосо жарандардын шайлоочулардын тизмеси менен таанышуу укугун бузган, же болбосо талапкерди колдоп кол коюуга жарандарды мажбурлаган же аларга тоскоолдук кылган, ошондой эле жасалма кол коюуга катышкан, же болбосо шайлоочуларды сатып алууну жүзөгө ашырган;

2) шайлануу максатында өзүнүн кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланган; же болбосо катталган шайлоочулар (шайлоочулардын тизмелери)

жөнүндө маалыматтарды өз учурунда түзбөгөн жана көрсөтүлгөн маалыматтарды тиешелүү шайлоо комиссияларына жөнөтөөр алдында сактабаган, же болбосо шайлоону каржылоо эрежелерин бузган, анын ичинде шайлоо комиссияларына каражаттарды которууну создуктурган, же болбосо жарандарга башка адамдар үчүн добуш берүүгө мүмкүнчүлүк берүү максатында шайлоо бюллетендерин берген, же болбосо шайлоо документтерин оңдоону жүзөгө ашырган, билип туруп жалган документтерди түзгөн жана берген, билип туруп добуштарды туура эмес эсептөөнү же добуш берүүнүн жыйынтыгын, шайлоонун натыйжасын билип туруп туура эмес чыгарган, шайлоонун натыйжасынын туура эмес белгилөөнү жүзөгө ашырган, өздөрүнө жүктөлгөн милдеттерге карабастан добуш берүүнүн жыйынтыктары, шайлоонун жыйынтыктары жөнүндө, шайлоонун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды бербеген же жарыялабаган;

3) талапкерлер, саясий партиялар жөнүндө жазган маалыматтарды билип туруп тараткан, же талапкердин, алардын жубайларынын жана (же) жакын туугандарынын талапкерлердин, талапкердин жубайынын жана (же) жакын туугандарынын, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн ар-намысына жана кадыр-баркына шек келтирген башка аракеттерди жасаган, же болбосо шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, эл аралык байкоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн укуктарын, анын ичинде маалыматтарды жана шайлоо документтеринин көчүрмөлөрүн өз учурунда алуу укугун бузган, байкоочуларды, эл аралык байкоочуларды, талапкерлерди, талапкерлердин, саясий партиялардын, талапкерлердин жана саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнүн тизмелерин каттоодон негизсиз баш тарткан, шайлоо участкаларында шайлоо укуктарын жүзөгө ашырууга тоскоолдук кылган, же болбосо шайлоо алдындагы үгүттү жүргүзүү эрежелерин бузган, анын ичинде добуш берүү күнүнөн мурунку күнү жана добуш берүү күнү үгүт жүргүзгөн, же болбосо шайлоо комиссиялары тарабынан өз милдеттерин аткарышына байланышкан алардын ишине тоскоолдук кылган же ага мыйзамга каршы кийлигишкен, добуш берүү үчүн жайдан шайлоо бюллетендерин алып чыккан, же болбосо шайлоону даярдоого жана өткөрүүгө каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө отчетторду бербеген же жарыялабаган, талапкерлердин, саясий партиялардын шайлоо фонддорунун финансылык отчетторун жана шайлоону өткөрүүгө бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын чыгымдалышы жөнүндө финансылык

отчетторду бербеген же жарыялабаган жактар, ошондой эле шайлоого катышуу үчүн мыйзам менен каралган өргүү берүүдөн баш тарткан иш берүүчүлөр.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

## 3-глава
## Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө жалпы жоболор

**46-берене. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерге коюлуучу негизги талаптар**

1. Ушул Мыйзамдын 3-беренесинин 4-6-бөлүктөрүндө белгиленген талаптарга ылайык келген Кыргыз Республикасынын жараны жергиликтүү кеңештин депутаты болуп шайлана алат.

2. Жергиликтүү кеңештин депутаттары анда шайлоо жүргүзүлүп жаткан тиешелүү администрациялык-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөсү болуп саналган жарандар тарабынан шайланат.

**47-берене. Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо системасы**

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо пропорциялуу система боюнча, ал эми айылдык кеңештердин депутаттарын шайлоо - мажоритардык система боюнча жүргүзүлөт.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**48-берене. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону дайындоо**

1. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо Президент тарабынан шайлоо күнүнө чейин 60 календардык күндөн кечиктирилбестен дайындалат.

2. Жергиликтүү кеңештер мөөнөтүнөн мурда таркатылган учурда Президент бир эле убакта жергиликтүү кеңештердин депутаттарын мөөнөтүнөн мурда шайлоону дайындайт.

3. Кайра уюштурууга алып келүүчү тиешелүү административдик-аймактык бирдиктердин чек араларынын өзгөрүшүнө байланыштуу жана (же) административдик-аймактык түзүлүштүн жалпы түзүмүнүн өзгөрүшүнө байланыштуу жергиликтүү кеңештер таркатылган учурда, Президент жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоону ушул берененин 1-бөлүгүндө каралган мөөнөттөрдө дайындайт.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**49-берене. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү**

1. Шаардык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күн калганда, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин аяктайт.

Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү шайлоо округдарынын тизмеси расмий жарыялангандан күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө чейин 30 календардык күн мурун, жергиликтүү саат 18ге чейин аяктайт.

2. Талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөнкүлөргө таандык:

1) шаарлардын жергиликтүү кеңештерине - саясий партияларга;

2) айылдык аймактын жергиликтүү кеңештерине - саясий партияларга жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга.

3. Саясий партия төмөнкүлөрдү көрсөтүүгө укуктуу:

1) пропорциялык система боюнча шайлоолор боюнча - ар бир бирдиктүү шайлоо округу боюнча ошол жергиликтүү кеңеш үчүн белгиленген депутаттык мандаттардын санынан ашпаган санда.

2) мажоритардык система боюнча шайлоодо - ар бир көп мандаттуу шайлоо округу боюнча ал округ боюнча белгиленген мандаттардын санынан ашпаган сандагы талапкерлерди.

3-1. *(КР 2016-жылдын 21-январындагы № 8 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

4. Саясий партиянын жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө чечими жашыруун добуш берүү менен кабыл алынат.

5. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү саясий партиянын съездинде (конференциясында), анын региондук бөлүмүнүн чогулушунда (конференциясында) жүзөгө ашырылат.

6. *(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

7. Шаардык кеңештерге талапкерлердин тизмелерин түзүүдө саясий партиялар төмөндөгүлөрдүн өкүлчүлүгүн эске алууга милдеттүү:

- бир жыныстагы адамдардын 70 пайызынан ашык эмес, мында саясий партиядан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмелеринде

аялдардын жана эркектердин кезектеги айырмасы эки позициядан ашпоого тийиш;

- 1ден кем эмес талапкер - ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдар.

Мында саясий партиянын талапкерлеринин тизмеси көрсөтүлгөн учурдан тартып алынган мандаттар бөлүштүрүлгөнгө чейин көрсөтүлгөн талаптарга ылайык келүүгө тийиш.

8. Өзүн көрсөтүү тартибинде жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерди көрсөтүү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкер болуп көрсөтүлүүгө ниеттенгендиги жөнүндө арыз берүү жолу менен жүргүзүлөт.

9. Саясий партия тарабынан бирдиктүү шайлоо округу боюнча көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси же көп мандаттуу шайлоо округу боюнча саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлер саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына ушул Мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттө басылган түрдө жана электрондук алып жүрүүчүдө берилет. Талапкерлер жөнүндө маалыматтар ошондой эле талапкерлер, талапкердин, саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан машинада окула турган электрондук түрдө Борбордук шайлоо комиссиясынын маалыматтык системасына киргизилиши керек.

10. Бирдиктүү шайлоо округу же көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечими саясий партиянын же партиянын аймактык бөлүмүнүн жетекчисинин коюлган колу жана саясий партиянын мөөрү менен ырасталат.

11. Талапкерлер жөнүндө маалыматтарды текшерүүдө ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген форма боюнча талапкердин соттолгондугу бар экендиги (жоктугу) жөнүндө расмий жазуу жүзүндөгү корутундуларды Борбордук шайлоо комиссиясына берет.

*(КР 2011-жылдын 12-октябрындагы № 170, 2012-жылдын 6-июлундагы № 99, 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2024-жылдын 2-августундагы № 158, 2024-жылдын 30-сентябрындагы № 167 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**50-берене. Шайлоо күрөөсү**

1. Шайлоо күрөөсү төмөнкү өлчөмдө белгиленет:

1) Бишкек жана Ош шаардык кеңештерине - мыйзамдар менен белгиленген эсептешүү көрсөткүчүнүн беш жүз эсе өлчөмүндө;

2) ушул бөлүктүн 1-пунктунда көрсөтүлгөн шаарларды албаганда, шаардык кеңештерге - мыйзамдар менен белгиленген эсептик көрсөткүчтүн эки жүз эсе өлчөмүндө;

3) *(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

2. Шайлоо күрөөсү депутаттыкка талапкерлердин тизмелерин көрсөткөн саясий партияларга төмөнкүдөй учурларда кайра кайтарылып берилет:

1) шайлоонун жыйынтыктары расмий жарыяланган күндөн тартып 10 календардык күндөн кечиктирбестен тиешелүү шайлоо комиссиясына өзүнүн фондун түзүүнүн булактарын, ошондой эле жүргүзүлгөн бардык сарптоолорунун өлчөмү жөнүндө отчетту берген шартта, добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын 15 пайыздан кем эмесинин добушун алса;

2) эгерде тиешелүү шайлоо комиссиясы тарабынан талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алынса;

3) *(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Күрөөнүн калган суммасы бюджетке чегерилүүгө тийиш. Саясий партиялардын шайлоо күрөөлөрүнөн келип түшкөн каражаттардын суммасы жөнүндө, талапкерлерге жана саясий партияларга кайра кайтарылган шайлоо күрөөлөрүнүн суммасы жана бюджетке чегерилген сумма жөнүндө маалымат Борбордук шайлоо комиссиясынын расмий сайтында жарыялануууга тийиш.

3. Мыйзамдарды бузуунун натыйжасында добуш берүү күнүнө чейин саясий партиянын талапкерлеринин тизмесин каттоо жокко чыгарылган учурда, саясий партия тарабынан төгүлгөн шайлоо күрөөсү кайтарылып берилбейт жана бюджетке чегерилүүгө тийиш.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**51-берене. Жергиликтүү кеңештин депутаттарын каттоо**

1. Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан шайлоонун натыйжалары жөнүндө протокол бекитилгенден кийин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы депутаттыкка шайланган талапкерге бул жөнүндө кабарлайт. Депутаттыкка шайланган талапкер жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу менен коошпогон ыйгарым укуктарын өзүнөн алып салгандыгы жөнүндө арыздын көчүрмөсүн 3 күндүк мөөнөттө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берет.

Эгер талапкерлердин тизмеси боюнча мандаттарды бөлүштүрүүнүн натыйжасында шайланган депутат жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу менен коошпогон ыйгарым укуктарын өзүнөн алып салгандыгы жөнүндөгү талапты 3 күндүк мөөнөттө аткарбаган учурда анын депутаттык мандаты ушул Мыйзамдын 52-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган тартипте өткөрүлүп берилет.

Саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде турган талапкер талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылууга укуктуу. Талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арыз Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан бекитилген форма боюнча түзүлүүгө, талапкер жеке өзү берүүгө тийиш. Талапкердин талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү арызды жеке өзү берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкердин талапкерлердин тизмесинен чыгуу жөнүндө нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын берет. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу жөнүндө чечим кабыл алат.

2. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы шайлоонун натыйжаларын жарыялагандан жана депутат болуп шайланган талапкерлерден жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу менен коошпогон ыйгарым укуктарын өзүнөн алып салгандыгы жөнүндө арызды алгандан кийин шайланган депутаттарды 3 күндүк мөөнөттө каттайт жана аларга ырастаманы жана белгиленген үлгүдөгү төш белгини тапшырат.

3. Саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде турган талапкер добуш берүүдөн кийин депутаттык мандаттарды бөлүштүргөнгө чейин, тизмедеги талапкердин ордуна (кезектүүлүгүнө) талаптанууну көздөгөн талапкердин макулдугу менен, ошондой эле саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын макулдугу менен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына өзүнүн талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө арызы менен кайрылууга укуктуу. Аталган арыз талапкердин жеке өзү тарабынан жазуу жүзүндө берилүүгө тийиш. Талапкердин талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө арызын жеке өзү берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда саясий партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкердин талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын берет.

Аймактык шайлоо комиссиясы саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмесинде турган талапкердин арызына жана саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын тиешелүү чечимдерине ылайык, шайланган талапкердин талапкерлердин тизмесиндеги кезектүүлүгүн өзгөртүү жөнүндө чечим кабыл алат.

Талапкерлердин тизмесинде турган талапкердин кезектүүлүгүн өзгөртүүгө макулдук берүү жөнүндө саясий партиянын жогорку жана аймактык органдарынын чечимдери саясий партиянын уставында белгиленген тартипте кабыл алынат.

*(КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**52-берене. Жергиликтүү кеңештин депутатынын бош калган мандатынын ордун ээлөө**

1. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен төмөнкүлөргө өткөрүлүп берилет:

1) тиешелүү көп мандаттуу шайлоо округ боюнча добуш берүүгө катышкан шайлоочулардын добуштарынын көбүн алган шайланган депутаттан кийинки талапкерге;

2) *(КР 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

3) пропорциялуу система боюнча шайлоодо талапкерлердин тизмесинде кийинки болуп турган талапкердин (талапкерлердин) каршылыгы жок болгондо, саясий партиянын жетектөөчү органы тарабынан сунушталган саясий партиянын тизмесинен талапкерге же болбосо эгерде саясий партиянын жетектөөчү органы бош мандат пайда болгон күндөн тартып 3 күндүн ичинде ушундай укуктан пайдаланбаса, саясий партиянын тизмесинде шайланган депутаттардан кийинки талапкерге.

1-1. Пропорциялуу система боюнча шайланган депутаттын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда анын мандаты кийинки катталган талапкерге берилет:

1) аял жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда аял жынысындагы талапкерлердин арасынан;

2) эркек жынысындагы депутаттын ыйгарым укуктары токтотулган учурда эркек жынысындагы талапкерлердин арасынан.

Талапкерлердин тизмесинде тиешелүү жыныстагы адамдардын талапкерлери жок болгон учурда, депутаттын мандаты ошол эле тизмедеги талапкерге кезек боюнча берилет.

1-2. Мандаттарды резервге калтыруунун негизинде мандат алган депутат-аялдын ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда токтотулган учурда тийиштүү шайлоо округунда шайлоочулардын кыйла көп добуштарын алган кийинки талапкер аялга мандат берилет. Эгерде талапкер аялдар калбай калса, мандат ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1-пунктуна ылайык бөлүштүрүлөт.

2. Депутаттын ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнөн мурда токтотулушу төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:

1) депутаттын депутаттык ыйгарым укуктарын тапшыруу же фракциядан чыгуу жөнүндө жазуу жүзүндө арызы берилгенде;

1-1) депутатта арызды жеке өзү берүү мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда, ыйгарым укуктуу адам тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө депутаттын нотариус тарабынан күбөлөндүрүлгөн арызын берет;

2) ушул Мыйзам менен каралган кызмат орундарын айкалыштыруу мүмкүн эмес болгон жагдай келип чыкканда;

3) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары, же болбосо башка жерге туруктуу жашоо үчүн чыгып кеткенде, анда жашоо депутаттык иш-милдеттерди туруктуу жана натыйжалуу аткарууга мүмкүн болбогондо;

4) жарандыктан чыкканда, Кыргыз Республикасынын жарандыгын жоготкондо, башка жарандыгы бар болгон факты табылганда же болбосо башка жарандыкты алганда;

5) депутаттык мандатты белгиленген тартипти бузуу менен алуу фактылары табылганда (шайлоонун жыйынтыктарын жараксыз деп табуу же шайлоонун жыйынтыктарын жокко чыгаруу);

6) соттун чечими боюнча депутат аракетке жөндөмсүз деп таанылганда;

7) депутатка карата соттун айыптоо өкүмү күчүнө киргенде;

8) депутат жүйөөлүү себептерсиз жергиликтүү кеңештин сессияларына бир жыл ичинде төрт жолудан ашык келбегенде;

9) депутат каза болгондо же аны дайынсыз жоголду же өлдү деп табуу жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;

10) кеңеш таркатылганда;

11) жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкер катары каттоо учурунда пассивдүү шайлоо укугу жоктугунун факты белгиленгенде.

3. Эгерде көп мандаттуу шайлоо округу боюнча талапкерлер калбай калган учурда, мандат кийинки шайлоого чейин бош бойдон калат.

4. Эгерде пропорциялуу шайлоо округу боюнча саясий партиянын тизмесинде талапкерлер калбай калган учурда, мандат тиешелүү жергиликтүү кеңешке кийинки шайлоого чейин бош калат.

*(КР 2013-жылдын 14-февралындагы № 16, 2013-жылдын 16-октябрындагы № 192, 2014-жылдын 21-ноябрындагы № 158, 2015-жылдын 17-февралындагы № 34, 2016-жылдын 21-январындагы № 8, 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

## 4-глава
## Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоо

*(Главанын аталышы КР 2012-жылдын 3-августундагы № 149 Мыйзамынын редакциясына ылайык)*

**53-берене. Депутаттыкка талапкерлердин тизмесин каттоо**

1. Талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялардын, өкүлдөрү шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күн калгандан кечиктирбестен, жергиликтүү убакыт боюнча саат 18ге чейин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына төмөнкүлөрдү берет:

1) партиянын аталышын көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесин көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын чечимин;

2) талапкерлердин тизмесине киргизилген ар бир талапкер тарабынан толтурулган өзүн талапкерлеринин тизмесине киргизүүгө макулдугу жөнүндө арызын жана өзү жөнүндө маалыматтар бар атайын форманы (биографиялык жана башка маалыматтарды);

3) талапкерлердин паспортторунун көчүрмөлөрүн, иштеген же жашаган жеринен маалымкаттарын;

4) саясий партия тарабынан шайлоо күрөөсү төгүлгөндүгүн ырастоочу документти;

5) башка мамлекеттин жарандыгы жоктугу жөнүндө декларацияны;

6) ар бир талапкер тарабынан толтурулган, мыйзамдарда белгиленген формадагы жеке маалыматтарды жыйноого жана текшерүүгө макулдук.

Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү жана ушуга байланыштуу өз алдынча өзүн-өзү көрсөтүү жөнүндө арызды жазууга, ушул Мыйзамда каралган башка документтерди

толтурууга мүмкүнчүлүгү жок талапкер көрсөтүлгөн учурда ушул адам башка адамдын жардамын колдонууга укуктуу. Мында каттоо документтерин толтурууга жардам көрсөткөн адамдын ыйгарым укуктары нотариалдык жактан ырасталууга тийиш же болбосо жетекчинин колу жана саясий партиянын мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

2. Тиешелүү шайлоо комиссиясы ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтерди берген ыйгарым укуктуу өкүлгө ал документтерди алгандыгын жазуу жүзүндөгү ырастоону берүүгө милдеттүү.

3. Бирдиктүү шайлоо округу боюнча талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар документтерди берүү менен бир эле убакта өздөрүнүн шайлоо фонддорунун каражаттарынын эсебинен Борбордук шайлоо комиссиясынын эсебине ушул Мыйзамдын 50-беренесинде белгиленген өлчөмдөгү шайлоо күрөөсүн төгүшөт.

4. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы документтерди кабыл алган күндөн тартып, 10 календардык күндүн ичинде талапкерлердин көрсөтүү тартиби ушул Мыйзамдын талаптарына ылайыктыгын текшерет жана талапкерлердин тизмесин каттоону жүзөгө ашырат же болбосо каттоодон баш тартуу жөнүндө жүйөөлөштүрүлгөн чечим чыгарат. Көрсөтүлгөн текшерүү анын ичинде мыйзамдар менен бекитилген ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасын колдонуу менен жүзөгө ашырылат. Мында шайлоо комиссиясы документтерде талапкерлерди каттоо үчүн тоскоолдук болуп саналган толук эместиктерди жана (же) ылайык келбестиктерди тапса, шайлоо комиссиясы документтер алынгандан кийин 48 сааттын ичинде талапкерге бул ылайык келбестиктер жөнүндө кабарлоого милдеттүү. Саясий партия маалымдоо алынган учурдан тартып 48 сааттын ичинде зарыл болгон өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана оңдолгон документтерин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына берүүгө укуктуу.

5. Бир эле адамды талапкерлердин бир тизмесинен ашыкка каттоого жол берилбейт.

6. Депутаттыкка талапкерлердин тизмесин каттоо шайлоо күнүнө чейин 30 календардык күн калгандан аяктайт.

7. Талапкерлердин тизмесин тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим кабыл алган учурда баш тартуунун негиздерин баяндоо менен шайлоо комиссиясынын чечиминин көчүрмөсүн саясий партиянын, шайлоо комиссияларындагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө чечим кабыл алган учурдан тартып бир сутканын ичинде берүүгө милдеттүү.

8. Талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялар тарабынан анык эмес маалыматтарды берүү фактысын белгилөө, аныктоо шайлоо процессинин бардык стадиясында каттоону жокко чыгарууга алып келет.

8-1. Талапкерлердин тизмесин каттоодо төмөнкүлөр баш тартуунун негиздери боло алат:

1) талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн ушул Мыйзамга ылайык зарыл болгон документтерди бербөө, ошондой эле көрсөтүүнүн ушул Мыйзам менен каралган тартибин сактабоо:

2) талапкерде же талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

3) ушул шайлоодо талапкерди башка партиянын тизмесинде катталгандыгынын фактысынын бар экендиги;

4) саясий партиянын, өзүнүн шайлоо фондун түзбөгөндүгү;

5) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгынын же болбосо анда Кыргыз Республикасынын жарандыгынын жоктугу;

6) *(КР 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамына ылайык күчүн жоготту)*

Эгерде саясий партиянын, ыйгарым укуктуу өкүлү ушул беренеде көрсөтүлгөн каттоо үчүн зарыл бардык документтерди бербесе, бирок аларды каттоо мөөнөтү аяктаганга чейин кошумча берсе, тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмесин каттоого милдеттүү.

9. Талапкерлердин тизмесин киргизилген айрым талапкерлерге карата ушул берене менен каралган каттоодон баш тартуу үчүн негиздердин болушу аларды ырасталган талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу үчүн гана негиз болуп кызмат кылышы мүмкүн.

10. Талапкерди, талапкерлер тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясына же сотко даттанылышы мүмкүн.

11. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмесин каттоо мөөнөтү аяктаган күндөн тартып 5 календардык күндүн ичинде саясий партиялардын аталыштарын, ошондой эле саясий партиялардан талапкерлердин тизмесине киргизилген талапкерлердин фамилиясын, аты-жөнүн, туулган жылын, ээлеген кызматын (ишинин түрүн), жашаган жерин көрсөтүү менен талапкерлердин тизмесинин катталгандыгы жөнүндө кабарлоону басма сөздө жарыялайт.

12. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы талапкерлердин тизмеси катталган күндөн тартып 2 календардык күндүн ичинде

талапкерлерге каттоо датасын көрсөтүү менен талапкердин тиешелүү ырастамасын берет.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**54-берене. Шайлоого катышуудан баш тартуу, талапкерлердин тизмесин чакыртып алуу жана талапкерлердин тизмесинен чыгаруу**

1. Талапкерлердин тизмесинде турган талапкер кандай гана болбосун убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 күн калгандан кечиктирбестен тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына бул тууралуу жазуу жүзүндө арыз берүү менен шайлоого андан ары катышуудан баш тартууга укуктуу.

Шайлоого андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арызды талапкер жеке өзү жазуу жүзүндө берүүгө тийиш. Талапкердин арызды жеке өзү берүүгө мүмкүндүгү жок болгон учурда саясий, талапкердин партиянын ыйгарым укуктуу өкүлү тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына талапкердин нотариалдык жактан күбөлөндүрүлгөн арызын берет. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы аны талапкерлердин тизмесинен чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алат. Шайлоолордо андан ары катышуудан баш тартуу жөнүндө арыз тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан талапкерлердин тизмесинен чыгарып салуу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейин чакыртып алынышы мүмкүн.

2. Саясий партия ар кандай убакта, бирок добуш берүү күнүнө чейин 3 календардык күндөн кечиктирбестен талапкерлердин тизмесин чакыртып алууга жана шайлоого катышуудан баш тартууга же болбосо тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясына жазуу жүзүндөгү тиешелүү арыз берүү менен талапкерди (талапкерлерди) тизмеден чыгарып салууга укуктуу. Бул учурда талапкерлердин тизмесин каттаган шайлоо комиссиясы тиешелүүлүгүнө жараша төмөнкү чечимдерди кабыл алууга милдеттүү:

1) талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө;

2) талапкерди (талапкерлерди) талапкерлердин тиешелүү тизмесинен алып салуу жөнүндө.

3. Ушул берененин 1-бөлүгү жана 2-бөлүгүнүн 2-пункту менен каралган учурларда талапкерлердин талапкерлердин тизмесине жайгаштыруунун кезеги өзгөрүлөт. Мында талапкерлердин тизмесинен алынып салынган талапкердин ордуна талапкерлердин тизмесине аны менен бир жыныстагы талапкер киргизилет.

4. Шайлоо бюллетендери даярдалгандан кийин талапкерлердин тизмеси чыгып калган учурда (саясий партиянын шайлоого

катышуудан баш тартуусу) участоктук же тиешелүү аймактык шайлоо комиссиялары тиешелүү саясий партия жөнүндө маалыматтарды бюллетендерден сызып салат. Сызып салуу саясий партия жөнүндө бардык жазуулардын сабы боюнча шарик калеми менен гана сызылуучу түз сызык менен жүргүзүлөт. Мында сызык саясий партиялар жөнүндө маалыматтардын сабынын каршысындагы бош квадратты камтууга тийиш.

*(КР 2019-жылдын 8-августундагы № 117, 2024-жылдын 2-августундагы № 158 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)*

**55-берене. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиянын шайлоо фонду**

1. Талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялар шайлоо алдындагы өнөктүктү каржылоо үчүн ушул Мыйзамда белгиленген тартипте өздөрүнүн шайлоо фонддорун түзөт.

2. Бишкек, Ош шаардык кеңештерине талапкерлердин тизмесин көрсөткөн саясий партиялардын шайлоо фонддору төмөнкү акча каражаттарынын эсебинен түзүлүшү мүмкүн:

